**2022-жылдын 1-январынан тартып 2022-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинде, ошондой эле анын ведомстволук уюмдарында бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудити жөнүндө отчет**

**Аудит жүргүзүү үчүн негиз:** 2023-жылга Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитордук иш пландарынын жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2023-жылдын 3-октябрындагы №06-1/784 буйругуна ылайык аудитор У.А Жумагуловдун жетекчилиги алдында, башкы мамлекеттик инспекторлор Т.Алмаматов, М.Калмуратов, Т.Алымолдоев, мамлекеттик инспекторлор А.Рахманов, С.Зулуев, Турдубай уулу Тилек, Т.Бусурманова, Ашыр уулу Н., Б.Кайымов, К.Мамырканов, А.Аттокуров, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аймактык бөлүмдөрүнүн инспекторлору тарабынан 2022-жылдын 1-январынан тартып 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинде жана анын ведомстволук уюмдарында бюджеттин аткарылышына шайкештик аудит жүргүзүлгөн.

**Жоопту тараптар жана аудит субъектиси**

Ушул аудитке карата жоопту тарап жана аудиттин субъектиси болуп Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги (мындан ары - ББИМ) эсептелет.

**Жоопту тараптын милдеттери**

Билим берүү жана илим министрлигинин жетекчилиги мамлекеттик каражаттарды башкаруу жана мыйзам чыгаруу органы тарабынан берилген ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырууга, ошондой эле ушул аудиттин предмети үчүн жоопкерчиликтүү.

**Аудитордун жана аудитордук топтун милдеттери**

Аудитордун жана аудит тобунун милдети Билим берүү жана илим министрлигинин иши аудиттин критерийлерине ылайык келүүсүнө, жүргүзүлгөн аудиттин негизинде тиешелүү тыянактарга өз алдынча келүү болуп саналат. Аудит корутундуларды тастыктоо үчүн жетиштүү далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну камтыйт. Аткарылган жол-жоболор аудитордун кесипкөй чечимине, анын ичинде алдамчылыктын же катанын кесепетинен жол берилген олуттуу ылайык келбөөчүлүк тобокелдигине баа берүүгө көз каранды. Аудиттин аткарылуучу жол-жоболору бул жагдайларда ылайыктуу деп эсептейбиз. Чогултулган аудитордук далилдер ушул отчетто баяндалган корутундулар үчүн негизди камсыз кылуу үчүн жетиштүү жана ылайыктуу болуп саналат деп эсептейбиз.

**Аудиттин предмети**

Аудиттин предмети болуп Билим берүү жана илим министрлигинин ишинин укук белгилөөчү ченемдик укуктук актыларда бекитилген максаттарга жана милдеттерге жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык келиши эсептелет.

Көрсөтүлгөн мезгил ичинде аудиттин көлөмүнө киргизилген маселелер төмөнкүдөй болду:

- Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын буга чейинки аудитинин жыйынтыгы боюнча жазма буйруктун жана сунуштардын аткарылышын талдоо;
- бюджеттик каражаттардын жана атайын эсептик каражаттардын кирешелеринин жана чыгашаларынын сметаларынын аткарылышын талдоо;
- Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын сакталышын талдоо;
- ченемдик укуктук актыларга ылайык эмгек акыга жана башка төлөмдөргө, штаттык ырааттаманын туура түзүлүшүнө жана эмгек акы фондунун түзүлүшүнө аудит;
- кассалык жана казыналык операцияларга аудит;
- командировкалык чыгымдардын аудити, отчет берүүчү жактар менен эсептешүүлөр;
- негизги каражаттарга жана товардык-материалдык баалуулуктарга, так отчеттуулук бланктарына, ТМБнын ченемден ашыкча запастарына жана эсептөөлөрдөгү каражаттарга аудит;
- транспорттук каражаттардын лимиттеринин сакталышын жана транспорттордун пайдаланылышына аудит;
- ижара мамилелеринине аудит;
- дебитордук жана кредитордук карыздардын пайда болушуна аудит;
- бюджет жана Социалдык фонд менен эсептешүүлөрдүн абалын талдоо;
- бухгалтердик эсептин жана отчеттуулуктун абалын баалоо;
- Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан ишке ашырылып жаткан инвестициялык долбоорлоруна аудит.

**Аудиттин критерийлери**

- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси, Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө", "Билим берүү жөнүндө", "Баштапкы кесиптик билим берүү жөнүндө", "Камкордук Кеңеши жөнүндө", "Мугалимдин статусу жөнүндө", "Жалпы билим берүү уюмдарында окуучулардын тамактануусун уюштуруу жөнүндө", 2013-жылдын 19-октябрындагы №195 "Кыргыз Республикасындагы лицензиялык-уруксат берүү тутуму жөнүндө", "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамдары;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдору: 2013-жылдын 21-октябрындагы № 576 "Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим

министрлиги тарабынан борборлоштурулган иш-чараларды жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө", 2017-жылдын 29-сентябрындагы № 626 "Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын жана депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө", 2012-жылдын 28-майындагы № 331 "Орто жана жогорку кесиптик билим берүүчү уюмдарынын окутууну каржылоо механизмин бекитүү жөнүндө", 2013-жылдын 30-майындагы № 302 "Айыл аймактарынын жана шаарлардын жергиликтүү бюджеттеринен каржылануучу билим берүү уюмдарын Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин аймактык бөлүмдөрү аркылуу республикалык бюджеттен каржылоого которуу жөнүндө", 2019-жылдын 30-сентябрындагы №511 "Билим берүү тутумунун айрым категориядагы кызматкерлеринин эмгегине төлөө шарттары жөнүндө", 2011-жылдын 31-майындагы №270 "Билим берүү уюмунун кызматкерлеринин эмгек акысын эсептөө тартиби жөнүндө нускаманы бекитүү жөнүндө", 2013-жылдын 29-майындагы № 300 "Кесиптик башталгыч билим берүүнүн билим берүү уюмдарынын типтүү штаттарын бекитүү жөнүндө", 2017-жылдын 1-мартындагы № 131 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларынын жана муниципалдык кызматчыларынын ишин баалоо жана эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө", 2008-жылдын 15-январындагы №7 "Социалдык чөйрөдөгү мекемелерде тамак-аштын акчалай ченемдери жөнүндө", 2005-жылдын 27-июнундагы №261 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүүчү уюмдарынын студенттерине жана окуучуларына стипендиялардын өлчөмдөрүн белгилөө жөнүндө", 2012-жылдын 10-февралындагы №85 "Мамлекеттик органдар жана алардын түзүмдүк бөлүмдөрү тарабынан мамлекеттик акы төлөнүүчү кызматтардын реестрин бекитүү жөнүндө", 2008-жылдын 26-августундагы №471 "Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруу жөнүндө" токтомдорунун талаптарынын сакталышы, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторундагы бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча" жобонун колдонулушу жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин ишин жөнгө салуучу башка ченемдик-укуктук актылар.

**Ишти аткарууда колдонулган аудитордук стандарттары**

Иш-чара аудит үчүн Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2021-жылдын 29-мартындагы №01-26/56 токтому менен бекитилген Шайкештик аудити боюнча колдонмого ылайык шайкештик аудити жүргүзүлгөн.

**Этикалык талаптарга шайкеш келүү**

Аудиттин эл аралык стандарттары этикалык ченемдердин сакталышын, ошондой эле, аудиттин предмети анын бардык олуттуу аспекттеринде мыйзам чыгаруучу жана жөнгө салуучу ченемдерге ылайык келгендиктен, негиздүү ишеним алуу үчүн аудит өткөрүүнү жана пландаштырууну талап кылат.

**Аткарылган иштердин кыскача баяндамасы**

Аудит тарабынан Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин иши билим берүү чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты иштеп чыгуу жана ишке ашыруу боюнча функцияны камсыздаган, бюджеттен билим берүү тутумун каржылоо жана билим берүү тутумун натыйжалуу башкарууну камсыздоо, ошондой эле бөлүнгөн каражаттарды пайдалануу жана финансылык отчетту түзүү боюнча функцияларды камсыздаган мыйзам талаптарына туура келе турган маселелер изилденген.

Аудит өзүнө, бюджеттик каражаттар менен атайын эсептин каражаттары ченемдик актыларга ылайык жүргүзүлгөндүгүн тастыктаган корутундуну, жетиштүү жана талаптагыдай далилдерди алуу үчүн жол-жобону камтыйт.

Аудит, чогултулган аудитордук далилдер, ушул отчетто жазылган корутундулар жана сунуштар үчүн негизди камсыз кылуу үчүн, жетиштүү жана талаптагыдай деп эсептейт.

Аудитке Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин борбордук аппараты жана анын ведомстволук бөлүмдөрү камтылган.

**Аудит жүргүзүлгөн мезгилде кредиттерди бөлүштүрүүчүлөр болуп төмөндөгүлөр эсептелишкен:**

- *биринчи кол коюу укугу менен*, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министири кызматында:

- Б.Д. Купешов 2021-жылдын 5-майынан 2022-жылдын 14-февралына чейин, А.Б. Бейшеналиев 2022-жылдын 14-февралынан тартып 3-октябрына чейин, У.Э. Мамбетакунов 2022-жылдын 3-октябрынан тартып 2023-жылдын 23-январына чейин иштеген.

Ошондой эле, *биринчи кол коюу укугу* Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин биринчи орун басарына жүктөлгөн:

- К.Т. Шадыханов 2022-жылдын 24-февралына чейин, Б.С. Орозов 2022-жылдын 24-февралынан 13-сентябрына чейин, Т.И. Бекташев 2022-жылдын 13-сентябрынан 2023-жылдын 27-февралына чейин иштеген.

- *экинчи кол коюу укугуна* Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин бухгалтердик эсеп жана отчеттуулук бөлүмүнүн башчысы Мураталиева Б.М. аудит мезгилине толук ээ.

***Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинде жүргүзүлгөн мурдагы аудиттердин жыйынтыктары боюнча жазма буйруктардын жана сунуштамалардын аткарылышы***

| | 2017-жыл | 2018-жыл | 2019-жыл | 2020-жыл | 2021-жыл |
|---|---|---|---|---|---|
| ***Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги боюнча*** | | | | | |
| **Жазма буйрук: (пункт)** | | | | | |
| аткарылган эмес | x | x | 1 | 3 | 3 |
| жарым-жартылай аткарылган | 1 | 2 | 1 | 11 | 18 |
| **Сунуштама: (пункт)** | | | | | |
| аткарылган эмес | x | x | 1 | 4 | 14 |
| жарым-жартылай | 5 | x | 1 | 1 | 3 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| аткарылган | | | | | |
| **анын ичине калыбына келтирилбеген** | 0 | 0 | 0 | 19 630,1 | 136 979,0 |
| ***Башталгыч кесиптик билим берүү агенттиги боюнча*** | | | | | |
| **Жазма буйрук: (пункт)** | | | | | |
| жарым-жартылай аткарылган | | 1 | х | | |
| аткарылган эмес | | х | 1 | | |
| **Сунуштама: (пункт)** | | | | | |
| аткарылган эмес | | 8 | 8 | | |
| жарым-жартылай аткарылган | | х | х | | |
| **анын ичине калыбына келтирилбеген** | | 25,7 | 0 | | |

**Сунуштама:**

***Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги боюнча:***

- *2017-жыл* мезгил аралыгына карата 2019-жылдын 14-мартындагы №01-23/84 *жазма буйруктун* жарым-жартылай аткарылган 2-пунктунун;
- *2018-жыл* мезгил аралыгына карата 2019-жылдын 21-октябрындагы №01-23/226 *жазма буйруктун* жарым-жартылай аткарылган 2 жана 16-пункттарынын;
- *2019-жыл* мезгил аралыгына карата 2021-жылдын 30-мартындагы №01-23/65 *жазма буйруктун* аткарылган эмес 18-пунктунун, жарым-жартылай 12-пунктунун;
- *2020-жыл* мезгил аралыгына карата 2022-жылдын 30-мартындагы №01-23/84 *жазма буйруктун* аткарылган эмес 30, 31, 87-пункттарынын жана жарым-жартылай аткарылган 2, 19, 20, 33, 35, 43, 57, 63, 68, 69, 80-пункттарынын;
- *2021-жыл* мезгил аралыгына карата 2023-жылдын 27-мартындагы №01-20/20 *жазма буйруктун* аткарылган эмес 74, 75, 88-пункттарынын жана жарым-жартылай аткарылган 2, 16, 38, 45, 61, 76, 77, 84, 86, 87, 90, 91, 92, 94, 96, 97, 98, 99-пункттарынын толугу менен аткарылышы камсыздалсын.

2020-2021-жылдарга жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары менен аныкталган 19 630,1 миң сомдук жана 136 979,0 миң сомдук шайкеш келбестиктер калыбына келтирилсин.

***Башталгыч кесиптик билим берүү агенттиги боюнча***:

- *2018-жыл* мезгил аралыгына карата 2020-жылдын 26-мартындагы №01-23/66 жазма буйруктун жарым-жартылай аткарылган 2-пунктунун;
- *2019-жыл* мезгил аралыгына карата 2021-жылдын 8-апрелиндеги №01-23/102 жазма буйруктун аткарылбаган 2-пунктунун толугу менен аткарылышы камсыздалсын.

2018-жылга жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы менен аныкталган 25,7 миң сомдук шайкеш келбестиктер калыбына келтирилсин.

***Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги боюнча:***

- *2017-жыл* мезгил аралыгына карата №01-23/83 *сунуштаманын* жарым-жартылай аткарылган 1, 4, 21, 22 жана 66-пункттардын;

- *2019-жыл* мезгил аралыгына №01-23/64 *сунуштаманын* аткарылган эмес 2-пунктун жана жарым-жартылай аткарылган 5-пунктун;

- *2020-жыл* мезгил аралыгына карата №01-23/83 *сунуштаманын* аткарылган эмес 11, 12, 17 жана 18-пункттарын жана жарым-жартылай аткарылган 1-пунктун;

- *2021-жыл* мезгил аралыгына карата №01-20/21 *сунуштаманын* аткарылган эмес 24, 26, 30, 32, 33, 34, 35, 36, 37, 38, 40, 43, 44, 46-пункттарын жана жарым-жартылай аткарылган 28, 41, 45-пункттарын толугу менен аткарылышы камсыздалсын.

***Башталгыч кесиптик билим берүү агенттиги боюнча:***

2018-жыл мезгил аралыгына карата №01-23/67 8-пункттан турган жана 2019-жылга №01-23/103 8-пункттан турган *сунуштамалардын* толугу менен аткарылышы камсыздалсын.

**Аудит жүргүзүлүүчү субъектке кыскача мүнөздөмө**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 5-мартындагы № 72 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги жөнүндө” жобосуна ылайык Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги билим берүү, илим жана илимий-техникалык иш тармагында бирдиктүү мамлекеттик саясатты иштеп чыгуучу жана билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүнө жана сапатына, Кыргыз Республикасынын жарандарынын билим алууга конституциялык укуктарынын камсыздалышына мамлекеттик көзөмөл жүргүзгөн аткаруу бийлигинин борбордук органы болуп эсептелет.

Министрлик өз ишин аймактык органдары, өзүнө караштуу мекемелер жана уюмдар аркылуу аткаруу бийлигинин башка органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, коомдук бирикмелер, илимий жана башка уюмдар менен байланышта ишке ашырат.

Министрликтин негизги максаты билим берүү, илим жана илимий-техникалык иштер, жаатындагы мамлекеттик саясатты түзүү жана ишке ашыруу болуп саналат.

***Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине уюмдарырын лицензиялоо***

**Аныкталды жана корутунду:**

2022-жылдатартып Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине караштуу Лицензиялоо боюнча кеңешинин 22 отуруму болуп өттү. Аталган кеңеште 318 билим берүү уюмдарынын арызы боюнча билим берүү ишин жүргүзүү үчүн лицензия берилген.

Жогорудагы 318 билим берүү уюмдарына 1 086 билим берүү программаларына лицензия берилип, алар төмөнкүдөй программаларга бөлүнгөн.

- 57 мектепке чейинки билим берүүчү уюмдарына;
- 45 башталгыч, негизги, орто жалпы билим берүүчү уюмдарына;

- 43 билим берүү уюмдарына 213 башталгыч кесиптик программалары боюнча;

-10 билим берүү уюмдарына 46 орто кесиптик билим берүү программалары боюнча;

-8 билим берүү уюмдарына 25 жогорку кесиптик билим берүү программалары боюнча;

- 7 билим берүү уюмдарына 19 жогорку окуу жайдан кийинки кесиптик билим берүү программалары боюнча;

- 139 билим берүү уюмдарына 644 кошумча билим берүү программалары боюнча;

-9 билим берүү уюмдарына 37 кошумча кесиптик билим берүү программалары боюнча.

Лицензиялоо маселелеринде коррупциялык тобокелдиктерди четке кагуу максатында “Лицензиялоону жана аккредитациялоону башкаруунун автоматташтырылган системасы” (АСУЛА) маалыматтык системасы иштелип чыгып, өндүрүштүк негизде ишке киргизилген. www.asula.edu.gov.kg.

Бул система Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин юридикалык жактардын реестри менен интеграцияланган жана кагаз жүзүндөгү документтерди алып салуу максатында аккредитациялоону жүргүзүүнүн бардык деңгээлдеринде “Инфоком” МИсы тарабынан берилген электрондук кол тамганы пайдалануу киргизилген. Бирок тилекке каршы лицензия алууда көпчүлүк лицензия алуучулар лицензиялоонун автоматташтырылган системасын колдонбостон мурункудай эле кагаз жүзүндө кайрылышып лицензия алып келишкен.

***Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине уюмдарырын аккредитациялоо***

Билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүнүн сапатын ырастоо максатында билим берүү уюмдары аккредитациялык агенттиктерден институционалдык жана программалык аккредитациялоодон өтүшөт.

Мында негизги жана жалпы орто билим берүү, башталгыч жана орто кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмдары Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилген тартипте билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органында институционалдык же/жана программалык аккредитациялоодон өтүп келген.

Менчигинин формасына жана ведомстволук таандыктуулугуна карабастан, билим берүү уюмдарын аккредитациялоо алардын иши Кыргыз Республикасынын билим берүү жаатындагы мыйзамдарында белгиленген тартипте таанылган аккредитациялык агенттиктер тарабынан же билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан 5 жылдык мөөнөткө алардын жазуу жүзүндөгү арыздарынын негизинде жүзөгө ашырылып жаткан.

Аккредитациялоодон өткөн билим берүү уюму бүтүрүүчүлөргө мамлекеттик үлгүдөгү документтерди же өзүнүн үлгүсүндөгү документтерди берүү укугуна ээ болушкан.

Билим берүү уюмдарын аккредитациялоону жүзөгө ашыруучу аккредитациялык агенттиктер мамлекеттик эмес, коммерциялык эмес уюмдар түрүндө түзүлгөн. Аккредитациялык агенттиктерди каржылоо билим берүү уюмдарынан алынуучу аккредитациялык жыйымдардын жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган башка булактардын эсебинен жүзөгө ашырылып келген.

***Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына талдоо жүргүзүү***

“Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен, 34 коду боюнча Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине 37 130 462,5 миң сом бекитилген, анын ичинен, бюджеттик каражаттар боюнча 30 393 779,9 миң сом жана атайын эсептин каражаттары - 6 736 682,6 миң сом.

КР ББИМ бюджетинин 2022-жылга такталган планы 57 360 062,8 миң сомду түзгөн, анын ичинен, бюджеттик каражаттар боюнча 46 505 401,1 миң сом, атайын эсептин каражаттары - 10 854 661,7 миң сом.

Кассалык чыгымдар 52 866 087,0 миң сомду түзгөн, анын ичинен, бюджеттик каражаттар боюнча 45 203 266,8 миң сом, атайын эсептин каражаттары - 7 662 820,2 миң сом. Же кассалык чыгымдар такталган бюджетке караганда 4 493 975,8 миң сомго аз аткарылган, анын ичинен, бюджеттик каражаттар боюнча 1 302 134,3 миң сомго, атайын эсептин каражаттары боюнча 3 191 841,5 миң сомго.

*Бюджеттик каражаттардын эсебинен* 45 203 266,8 миң сом кассалык чыгымдар жүргүзүлгөн, анын ичинен:

- министрликтин Борбордук аппараты 155 329,3 миң сом, анын ичинен Кыргыз Республикасынын Президентинин Резервдик фондунун эсебинен - 26 445,7 миң сом;
- билим берүү жана маданияттын ведомстволук мекемелери - 43 046 529,8 миң сом, анын ичинен борборлоштурган иш-чаралар - 120 468,7 миң сом;
- ведомстволук илимий мекемелер – 190 069,0 миң сом;
- КР ББИМ алдындагы Баштапкы кесиптик билим берүү - 1 806 778,2 миң сом;
- жергиликтүү бюджеттен республикалык бюджетке өткөрүлгөн мекемелер - 4 560,5 миң сом;
- КР Билим берүү жана илим министрлиги грант - 31 006,2 миң сом.

*Атайын эсептин каражаттары боюнча кассалык чыгымдар* 7 662 820,2 миң сомду түзгөн, анын ичинен:

- министрликтин Борбордук аппараты – 13 954,6 миң сом;

- билим берүү жана маданияттын ведомстволук мекемелери 7 499 496,0 миң сом;

- ведомстволук илимий мекемелер – 1 472,0 миң сом;

- КР ББИМ алдындагы Баштапкы кесиптик билим берүү - 147 897,6 миң сом.

2022-жылга бюджетти түзүүдө жана бекитүүдө, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин бюджеттик саясат жана финансылык анализ башкармалыгы тарабынан так эсеби жок, райондук шаардык билим берүү мекемелери түзгөн тарификациялык тизме кандай түзүлсө ошол бойдон кабыл алып каржылоо жүргүзүлөт. Так эсептин негизинде тарифтик тизмени кабыл алынбагандыгынын кесепетинен, каржылык бузууларга жана уурдоолорго жол берилгендигин аудит учурунда тастыкталган.

***Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин борбордук аппараты боюнча***

**Атайын эсептин каражаттары боюнча кирешелер жана чыгымдардын сметасы аткаруу**

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин борбордук аппаратынын 2022-жылга атайын эсептин каражаттарынын кирешелери боюнча жүзүндө түшкөн кирешеси 21 170,0 миң сомду түзгөн, 2022-жылдын 1-январына карата каражаттардын калдыгын 866,1 миң сом болгон.

Чыгымдардын жалпы көлөмүнөн 81,6%ы эмгек акыга, 14,0%ы Социалдык фонддун камсыздандыруу төгүмдөрүнө, 4,4%ы башка кызмат көрсөтүүлөрдү, товарларды сатып алууга чыгымдалган. Атайын каражаттардын калдыгы 2022-жылдын аягына карата 2 637,8 миң сомду түзгөн.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин борбордук аппаратынын атайын эсеп каражаттарынын киреше бөлүгү сертификат берүүдөн, демөөрчүлөрдөн, жогорку жана орто кесиптик билим берүү уюмдарынын 20% чегерүүсүнөн түзүлөт. 2022-жылы жогорку жана орто кесиптик билим берүү уюмдарынан **15 021,1 миң сом** каражаты келип түшкөн.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 18-майындагы №300 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасында билим берүүнүн акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтерди коюу жана колдонуу жөнүндө” жобонун 10-1-пунктуна ылайык, билим берүү уюмдарына акы төлөнүүчү кызматтардын наркынын эсебинен жогору турган органдарды жана оперативдүү башкарууда турган уюмдарды күтүүгө чегерүүлөрдү жүргүзүүгө тыюу салынган, ошондой эле жобонун 12-пунктуна ылайык түшкөн киреше толугу менен билим берүү процессин камсыз кылууга чыгымдарды жабууга кетээри белгиленген.

Материалдык-техникалык жактан камсыз кылуу боюнча чечилбеген маселелердин көптүгүнө карабастан, 2022-жылы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин борбордук аппаратына түшкөн

атайын каражаттарынын 85,1%ы же 11 424,3 миң сом акча каражаты кызматкерлерди сыйлоого жана 1 963,4 миң сому Социалдык фонддун камсыздандыруу төгүмдөрүнө жөнөтүлгөн.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 18-майындагы №300 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасында билим берүүнүн акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтерди коюу жана колдонуу жөнүндө" жобонун 10-1-пунктуна ылайык, билим берүү уюмдарынын акы төлөнүүчү кызматтардын наркынын эсебинен Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин борбордук аппаратына чегерүүлөрдү жүргүзүү токтотулсун жана чегерүүлөрдү токтотуу жөнүндө билдирүү министрлик тарабынан билим берүү уюмдарына тез арада жиберилсин.

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 "Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө" токтому бузулуп, ***Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин борбордук аппаратында*** 152,9 миң сомго турак жайды ижаралоо боюнча акы төлөө чыгымдары нормадан ашыкча төлөнгөн.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 "Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө" токтому так аткарылып, ашыкча төлөнгөн командировкалык чыгымдар *Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин борбордук аппараты боюнча* 152,9 миң сомго тийиштүү кызматкерлерден өндүрүлүп, республикалык бюджетке ордуна коюлсун.

***Борборлоштурулган билим берүү иш чаралары боюнча***

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 21-октябрындагы №576 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан борборлоштурулган билим берүү иш чараларын жүргүзүүнүн тартиби жөнүндөгү" жобого ылайык, 2022-жылга борборлоштурулган билим берүү иш чараларына бюджеттик каражаттар боюнча смета 398 965,0 миң сом суммасында бекитилген, такталган бюджет 162 952,1 миң сомду, кассалык жана фактылык чыгымдар - 120 468,7 миң сомду түзгөн, анын ичинен, төмөндөгү чыгымдар боюнча:

(миң сом)

| Максаты | Каралганы | Факт.чыгымдар |
|---|---|---|
| Мектеп окуучуларынын республикалык олимпиадасына | 8 000,0 | 6 429,7 |
| "Аккредитация"- сапаттуу билимдин кепилдигине | 16 986,0 | 6 714,5 |
| Санариптик Кыргызстанга 2019-2023-жылдары | 21 528,8 | 20 738,7 |
| Манас таануу конкурсуна | 3 045,0 | 3044,9 |
| "Кыргызтелеком" ААКсына интернет үчүн | 49 434,7 | 30 594,1 |
| Аскердик патриоттук ырлар конкурсуна | 203,4 | 203,4 |

| | | |
|---|---|---|
| Эл аралык олимпиадага | 3 890,7 | 3890,7 |
| Алтын сертификатка | 113,7 | 31,8 |
| Директорлордун конкурсуна | 1 850,0 | 1838,3 |
| Август конференциясына | 1 440,2 | 1440,2 |
| Алтын тамгага | 802,3 | 802,3 |
| Ректорлордун форумуна | 5 650,0 | 5 624,6 |
| Кенже жол инспектору | 300,0 | 216,0 |
| Жылдын мыкты мугалими конкурсуна | 1 776,6 | 1 776,6 |
| Мамлекеттик тил конкурсуна | 1 542,9 | 537,8 |
| Президенттик жаңы жылдык балатыга | 2 000,0 | 2 000,0 |
| Окуу китептерин сатып алууга | 35 805,5 | 34 035,0 |
| Лицензияга | 5 387,1 | 550,3 |
| НООДУ | 1000,0 | 0 |
| Компьютерлерди сатып алууга | 2 195,1 | 0 |
| **Баардыгы** | **162 952,1** | **120 468,7** |

**Аныкталды жана корутунду:**

Борборлоштурулган билим берүү иш чараларын каражаттарынан сатып алууларды жүргүзүүдө, Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын талаптарын сактабагандыктан төмөндөгүлөр аныкталган:

- Мыйзамдын (2015-жылдын 3-апрели № 72 редакциясы) 21-беренесин 1-пунктун сактабастан, веб-порталга табыштамалар (сунуштар) келип түшпөгөн учурларда, сатып алуулар табыштамаларды (сунуштарды) кагаз жүзүндө суратып алуу аркылуу кайрадан мониторинг жүргүзүшпөстөн, 2022-жыл ичинде түздөн-түз келишим түзүү усулу аркылуу жалпы 41 сатып алуу 72 176,0 миң сомго өткөрүлүп, берүүчүлөр менен келишимдер түзүлгөн;
- Мыйзамдын (2015-жылдын 3-апрели № 72 редакциясы) 21-беренеси 2-пунктун сактабастан, түздөн-туз келишим түзүү усулу аркылуу сатып алууларды жүргүзгөнгө чейин эки жумуш күндөн кечиктирбестен, мамлекеттик сатып алуулардын веб-порталына сатып алуунун предмети, көлөмү жана сатып алуунун жалпы суммасы жөнүндө маалыматы бар жарыяны жайгаштырбастан, сатып алуулар жүргүзүлгөн;
- Мыйзамдын (2022-жылдын 14-апрели № 27 редакциясы) 29-беренесинин 2-пунктуна ылайык, жеңип алган берүүчүлөр менен кол коюучу мөөнөттөрүн сактабастан контракттар түзүлгөн.

**Сунуштама:**

Мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдө Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын талаптары так сакталсын жана *Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан борборлоштурулган билим берүү иш чаралары боюнча* мамлекеттик сатып алууларда бузууларга жол берген тиешелүү кызмат адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-октябрындагы ПЖ № 352 “Кыргыз Республикасынын билим берүү уюмдары үчүн окуу материалдарын даярдоо маселелери жөнүндө” Жарлыгына ылайык

“Учкун” ААКсы Кыргыз Республикасынын билим берүү уюмдары үчүн окуу материалдарын даярдоочу болуп аныкталган.

Ошондой эле Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 12-октябрындагы № 546 токтомуна ылайык “Учкун” ААКсы Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдары үчүн окуу китептерин даярдоочу болуп аныкталган.

Бүгүнкү күндө жалпы билим берүү уюмдары үчүн окуу китептерин (Брайлдын рельефтик-чекиттик шрифти менен басылуучу окуу китептерин, окуу куралдарын, ошондой эле ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдар билим алган атайын же адистештирилген билим берүү уюмдары үчүн атайын окуу китептерин, окуу куралдарын кошпогондо) даярдоо (тираждоо) менен байланышкан кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуулар “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен жөнгө салынбайт. Мындай сатып алуулар Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 12-октябрындагы № 546 токтому менен бекитилген тартипте жүзөгө ашырылат.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 5-февралындагы № 48 токтому менен министрликке караштуу “Окуу китеби” мекемеси жана “Жаңы китеп” мекемеси кайра уюштурулуп, “Окуу китеби” басма үйү” мамлекеттик мекемеси түзүлдү. “Окуу китеби” басма үйүнүн уставы иштелип чыгып, бекитилди жана Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде катталды. Аталган басма үйү жергиликтүү жана чет өлкөлүк басмалар, потенциалдуу авторлор менен тыгыз кызматташып, эң мыкты окуу китептерин адаптациялоо, которуу, жаңылоо, басууга даярдоо, окуу китептерине экспертизаларды уюштуруу, тираждалган окуу китептерин ижарага берүү өңдүү орчундуу жумуштарды аткарат. “Окуу китеби” басма үйүнүн иши өзүн-өзү каржылоо принцибинде жүзөгө ашырылат.

Билим берүү жана илим министрлигине борборлоштурулган билим берүү иш чараларына каралган 2022-жылдын сметасына ылайык, 2022-жылга чейинки окуу китептерин сатып алуулардан пайда болгон 35 805,5 миң сомдук кредитордук карызды жабууга гана каралган. Окуу китептерин сатып алууга каражат бөлүнүп берилген эмес.

Министрлик тарабынан окуу китептерин сатып алуу “Жаңы китеп” мекемесинде топтолгон окуу китептерин ижарага берүүдөн түшкөн кирешенин эсебинен 173,0 млн.сомго пландаштырылган.

“Жаңы китеп” мекемесине окуу китептерин ижарага берүүдөн топтолгон каражатка мамлекеттик талаптарга жооп берген заманбап окуу китептерин басып чыгаруу милдети жүктөлгөн. Китептерди басып чыгаруу учун “Жаңы китеп” мекемеси окуу китептеринин тизмесин сурап министрликке бир нече жолу кат түрүндө кайрылуу жөнөткөн. Бирок министрлик менен “Жаңы китеп” мекемесинин ортосунда китеп басып чыгаруу боюнча толук кандуу иш жүргүзүлбөгөндүгүнө байланыштуу, ижара акысынан топтолгон каражаттар колдонулган эмес.

“Жаңы китеп” мекемесинде 2018-2019-окуу жылынан тартып 2024-жылдын 1-мартына карата 249 162,1 миң сомго окуу китептерин ижарага берүүдөн түшкөн киреше топтолгон. Анын ичинен 137 400,0 миң сом коммерциялык банктарда депозиттик эсептерде жайгаштырылган (анын ичине 20 700,0 миң сом каражаттарды жайгаштыруудан мекеменин таза пайыздык кирешеси кошулган). Калган 132 462,1 миң сом өлчөмүндө акча каражаты “Жаңы китеп” мекемесинин эсептешүү эсебинде турат.

Белгилей кетсек, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 24-июлундагы № 341 токтому менен “Жаңы китеп” мекемеси түзүлүп, Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарында окуу китептерин ижарага берүү тартиби бекитилген. 2018-2019-окуу жылынан тартып мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүү уюмдарында 5-11-класстардын жаңы окуу китептери ижарага бериле баштаган.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 5-февралындагы № 48 токтому менен Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарында окуу китебин ижарага берүү тартибинин жаңы редакциясы бекитилди. Ага ылайык жалпы билим берүү уюмдарында 1-11-класстардын окуу китептери ижарага берилет. Азыркы убакта 1 окуу китебинин 1 жылдык ижара акысы 25 сомду түзөт.

Окуу китептери боюнча бүт процесске, анын ичинде окуу китебин иштеп чыгуудан баштап экспертизалоо, сунуш кылынган окуу китептеринин тизмесин бекитүү, ижарага берүү, сатып алынуучу окуу китептеринин тизмесин аныктоо, окуу китептерин сатып алууга чейинки бардык этап Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан көзөмөлдөнөт.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2022-жылдын 24-июнундагы №1257/1 буйругу менен бекитилген, “Кыргыз Республикасынын билим берүү уюмдары үчүн окуу китептерин, окуу-методикалык комплекстерин жана окуу куралдарын экспертизадан өткөрүүнүн тартиби жөнүндө” жобого ылайык окуу китептери экспертизанын 4 түрүнөн (илимий, илимий-педагогикалык, дискриминацияга каршы жана гендердик, практика-педагогикалык экспертизалар) өтүүгө тийиш.

*Мисалы:* “Алиппе” окуу китеби 4 экспертизанын ичинен бир гана экспертизадан өткөн, ошондуктан бул китепке Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин грифи ыйгарылбаш керек болчу. “Алиппе” окуу китебин даярдоого жана басып чыгарууга республикалык бюджеттен 20 891,6 миң сом сарпталган.

Кыргыз Республикасынын мектептеринде милдеттүү экспертизанын 4 түрүнөн өткөндөн кийин гана окуу китептерин пайдаланууга жол берилет. Экспертизадан өткөндөн кийин окуу китептери мектептерде колдонууга сунушталган окуу китептеринин тизмесине киргизилет.

Билим берүү жана илим министрлигинин 2022-жылдын 24-июнундагы №1257/1 буйругу менен бекитилген, “Кыргыз Республикасынын билим берүү уюмдары үчүн окуу китептерин, окуу-методикалык комплекстерин жана окуу

куралдарын экспертизадан өткөрүүнүн тартиби жөнүндө” жобого ылайык, Билим берүү жана илим министрлиги, атайын сунушталган окуу китептеринин тизмесине киргизилген окуу китептерин сатып алууга тийиш.

Билим берүү жана илим министрлиги 2023-2024-окуу жылында мектептерде колдонууга сунушталган окуу китептердин тизмесине киргизилбеген бир катар окуу китептерин нускалоого жөнөтүлгөн. Алар төмөнкү окуу куралдары:

7 класс, кыргыз тилинде:

- «Адам жана коом» \ окуу китеби, 7 класс, авторлору Азимова М., Арунова А., Маслова И, кырг тили, нускасы 80 220 нуска;
- «Адам жана коом» \ мугалимдер учун методикалык колдонмо, 7 класс, авторы Азимова М., Арунова А., Маслова И, кырг тили, нускасы 2 695 нуска;

7 класс, кыргыз тилинде:

- «Диндердин онугуу тарыхы» \ окуу китеби, 7 класс, авторлору Иманкулов М., Курбанова Н., Бектемирова А., Жумабаев М., кырг тили, тираж 80 220 нуска;

7 класс, орус тилинде:

- «Человек и общество» \ окуу китеби, 7 класс, авторлору Азимова М., Арунова А., Маслова И., орус тилинде, нускасы 48 670 нуска;
- «Человек и общество» \ мугалимдер учун методикалык колдонмо, 7 класс, авторлору Азимова М., Арунова А., Маслова И., орус тили, нускасы 1 185 нуска;

8 класс, кыргыз тилинде:

- «Адам жана коом» \ окуу китеби, 8 класс, авторлору Азимова М., Арунова А., Маслова И, кырг тили, нускасы 79 430 нуска;
- «Адам жана коом» \ мугалимдер учун методикалык колдонмо, 8 класс, авторлору Азимова М., Арунова А., Маслова И, кырг тили, нускасы 2 705 нуска;

8 класс, кыргыз тилинде:

- «Диндердин онугуу тарыхы» \ окуу китеби, 8 класс, авторлор Иманкулов М., Карасартова Ч., Жумабаев М., Бекбоева А. кырг тили, нускасы 79 430 нуска;

8 класс, орус тилинде:

- «Человек и общество» \ окуу китеби, 8 класс, авторлору Азимова М., Арунова А., Маслова И., орус тили, нускасы 44 150 нуска;
- «Человек и общество» \ мугалимдер учун методикалык колдонмо, 8 класс, авторлору Азимова М., Арунова А., Маслова И., орус тили, нускасы 1 100 нуска.

Жогоруда аталган окуу китептеринин жалпы тиражы 425 670 нусканы түзгөн, аларды нускалоого каржыланган суммасы 97 892,0 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

- Билим берүү жана илим министрлигинин менен “Жаңы китеп” мекемесинин ортосунда китеп басып чыгаруу боюнча толук кандуу иш чаралар жүргүзүлүп, ижара акысынан топтолгон каражаттардын эсебинен окуу китептерин басып чыгаруу камсыз кылынсын;

- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2022-жылдын 24-июнундагы №1257/1 буйругу менен бекитилген, "Кыргыз Республикасынын билим берүү уюмдары үчүн окуу китептерин, окуу-методикалык комплекстерин жана окуу куралдарын экспертизадан өткөрүүнүн тартиби жөнүндө" жобого ылайык, окуу китептери тиешелүү экспертизадан өткөрүлсүн;
- Мектептерде колдонууга атайын сунушталган окуу китептердин тизмесине киргизилбеген окуу китептерин нускалоого жол берилбесин.

***Борборлоштурулган бухгалтерия тарабынан тейленүүчү мекемелери боюнча***

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 5-мартындагы № 72 токтому менен бекитилген, "Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги жөнүндө" жобонун 11-пунктун сактабастан, ***Борборлоштурулган бухгалтерия тарабынан тейлөнүүчү мекемелер, психологиялык-медициналык-педагогикалык консультация мекемеси, Республикалык эстетикалык тарбия берүү борбору "Балажан" жана Республикалык экология, өлкө таануу жана туризм балдар жана жаштар борборунун*** штаттык ыраатамалары Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги менен бекитилген эмес.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 5-мартындагы № 72 токтому менен бекитилген, "Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги жөнүндө" жобонун 11-пунктуна ылайык, Борборлоштурулган бухгалтерия тарабынан тейленүүчү мекемелердин штаттык ыраатамалары Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилип берилсин.

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 токтому менен бекитилген, "Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө" жобонун жана Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегинин талаптарын сактабастан, жумуш орундарын аттестациялоосуз ***Борборлоштурулган бухгалтерия тарабынан тейленүүчү мекемелерде*** жалпы **380,6 миң сом** төлөнгөн.

**Сунуштама:**

*Борборлоштурулган бухгалтерия тарабынан тейленүүчү мекемелерде* Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 токтому менен бекитилген, "Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө" жобого ылайык, жумуш орундарын аттестациялоосуз оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү төлөө токтотулсун.

***Мектеп жана мектепке чейинки билим берүү уюмдары боюнча***

**Аныкталды жана корутунду:**

2022-2023 окуу жылында республика боюнча аз комплекттүү болуп 318 мектеп эсептелет, аталган мектептердин кубаттуулугу 73 278 окуучуга эсептелинсе, чындыгында 26 920 окуучу гана окуйт, аларды каржылоого республикалык бюджеттен жылына 1 276,0 млн. сом каралат. Чүй облусу боюнча аз комплектүү болгон 53 мектеп, Ыссык-Көлдө - 55, Баткенде - 23, Жалал-Абадда - 53, Нарында - 55, Ошто - 67 жана Таласта -12 мектеп бар.

Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 11-апрелиндеги №201 токтому менен бекитилген, "Жалпы билим берүү уюмдарындагы окутуу шарттарына жана аны уюштурууга карата санитардык-эпидемиологиялык талаптар" санитардык-эпидемиологиялык эрежелеринин жана ченемдеринин (3-бөлүм Жалпы билим берүү уюмдарын жайгаштырууга талаптар) 11-пунктуна ылайык айыл жергесинде жалпы билим берүү уюмдарынын окуучулары үчүн жөө басып жетүү төмөнкүнү түзөт:

- билим берүүнүн 1-тепкичинин окуучулары үчүн - 2,0 км көп эмес;
- билим берүүнүн 2 жана 3-тепкичинин окуучулары үчүн - 3,0 км көп эмес.

Жалпы билим берүү уюмдарын жайгаштыруу боюнча коюлган талаптардын сакталышын талдоодо, аз комплекттүүү жанаша турган аралыгы 3 чакырымдан төмөн болгон 38 мектеп аныкталган. Аларды каржылоого жылына 201,1 млн. сом каражаты сарпталат. Көбүнчөсү 4-класстан 11-класска чейинки окуу класстары толук комплекттелген эмес.

Мисалы, *Чүй облусу боюнча:*

- Кемин районундагы "Калмак-Ашуу" орто мектебинде долбоордук кубаттуулугу 400 орунга 106 окуучу окуйт. Класс комплекттердин саны 11 болуп, окуучулардын орточо саны 10ду түзөт. Аталган мектеп "Шабдан-Ата" орто мектебине 2,3 чакырым аралыкта жайгашкан. "Калмак-Ашуу" мектебин күтүүгө жылына 5 024,4 миң сом бюджеттен чыгымдалат;
- Жайыл районундагы "Жекен" орто мектебинде долбоордук кубаттуулугу 300 орунга 104 окуучу окуйт. Класс комплекттердин саны 10 болуп, окуучулардын орточо саны 10ду түзөт. Аталган мектеп "У.Сатыбалдыев" орто мектебине 2 чакырым аралыкта жайгашкан. "Жекен" мектебин күтүүгө жылына 4 929,6 миң сом чыгымдалат. Ал эми "У.Сатыбалдыев" орто мектебинде долбоордук кубаттуулугу 500 орунга 100 окуучу окуйт. Класс комплекттердин саны 10 болуп, окуучулардын орточо саны 10ду түзөт. "У.Сатыбалдыев" мектебин күтүүгө жылына 4 740,0 миң сом чыгымдалат;

- Жайыл районундагы "А. Күрүчбеков" орто мектебинде долбоордук кубаттуулугу 720 орунга 100 окуучу окуйт. Класс комплекттердин саны 10 болуп, окуучулардын орточо саны 10ду түзөт. Аталган мектеп "Ийри-Суу" орто мектебине 2 чакырым аралыкта жайгашкан. "А. Күрүчбеков" мектебин күтүүгө жылына 5 024,4 миң сом чыгымдалат.

Ушундай эле жагдай Ош облусунда Алай, Араван, Кара-Суу, Кара-Кулжа жана Өзгөн райондорунда 13 мектеп боюнча аныкталган. Ысык-Көл облусунда Жети-Өгүз жана Түп райондорунда 3 мектеп. Нарын облусунда Ак-Талаа, Жумгал жана Кочкор райондорунда 6 мектеп. Жалал-Абад облусунун Аксы, Ноокен, Сузак, Тогуз-Торо, Чаткал райондорунда жана Кара-Көл шаарында 6 мектеп. Талас облусунда Манас жана Талас райондорунда 2 мектеп. Баткен облусунда Баткен районунда 2 мектеп.

Аз комплекттүү жанаша турган аралыгы 3 чакырымдан төмөн болгон мектептерди кыскартууда , жылына 200,0 млн сомдун тегерегинде бюджеттик каражаттарды үнөмдөөгө жана аларды билим берүү тармагындагы башка көйгөйлөрдү чыгымдоого шарт түзүлмөк.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 11-апрелиндеги №201 токтому менен бекитилген, "Жалпы билим берүү уюмдарындагы окутуу шарттарына жана аны уюштурууга карата санитардык-эпидемиологиялык талаптар" санитардык-эпидемиологиялык эрежелеринин жана ченемдеринин (3-бөлүм Жалпы билим берүү уюмдарын жайгаштырууга талаптар) 11-пунктуна ылайык, аз комплекттүү жанаша турган аралыгы 3 чакырымдан төмөн болгон мектептерди талдап чыгып, бюджеттик каражаттарды үнөмдөө максатында аларды оптимизациялоо жана жоюу боюнча иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду:**

Жалпы билим берүү мектептердин дээрлик 80%ын гимназия лицейлери түзөт, аларга эмгек акыга 20%дык кошумча төлөм жүргүзүлөт, ошондой эле кошумча ийрим сабактары өтүлөт деп тарификациялык тизмеге киргизилип төлөм жүргүзүлөт. Бишкек шаардык билим берүү мектептеринде, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги №201-токтому менен бекитилген, "Жалпы билим берүү уюмдарындагы окутуу шарттарына жана аны уюштурууга карата санитардык-эпидемиологиялык талаптар" санитардык-эпидемиологиялык эрежелеринин жана ченемдеринин (11-бөлүм Билим берүү процессинин режимине болгон гигиеналык талаптары) 162-пункту сакталбастан, гимназия лицейлеринде 3 сменадан окутуу жүргүзүлөт. Мектептерде окуучулардын саны көп болгондугуна байланыштуу бир класста 40дан 50гө чейин окуучу окуйт же кубаттуулугу 460 турган окуу орундуу мектептерде 2500-3000 окуучуга чейин окуйт, 3-сменанын окуу сааты кечки 18 саат 10 минутада бүткөн болсо, ийримдик саат өтүүгө мүмкүнчүлүк жок болгондугу көрсөтүлөт.

2022-2023-окуу жылына баардык гимназия мектептеринин педагогикалык жана айрым категориядагы кызматкерлерине эмгек акы төлөөдө, түзүлгөн тарификациялык тизмеде көрсөтүлгөн сабактардан тышкаркы ийрим (кружок) сааттарга жалпы эсеп менен 427 170,7 миң сом төлөнүп берилген, Социалдык фондго камсыздандыруу төгүмдөр 73 686,9 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги

№201-токтому менен бекитилген, “Жалпы билим берүү уюмдарындагы окутуу шарттарына жана аны уюштурууга карата санитардык-эпидемиологиялык талаптар” санитардык-эпидемиологиялык эрежелеринин жана ченемдеринин (11-бөлүм Билим берүү процессинин режимине болгон гигиеналык талаптары) 162-пунктуна ылайык, республиканын баардык гимназия мектептеринин билим берүү процессинин режимине болгон гигиеналык талаптарын сактоо боюнча талдоо жүргүзүлүп, талаптар сакталбаган учурда мектептердин гимназия статусун кайра карап чыгуу жагы каралсын.

**Аныкталды жана корутунду:**

***Араван райондук билим берүү бөлүмүндө*** өзбек тилдүү мектептерде орус жана кыргыз тилдүү класстары ачылып, бирок аларда өзбек мектебиндеги иштеген мугалимдер сабак өтүп келүүдө. Мисалы үчүн математика, химия, биология, география, геометрия, физика, тарых жана башка сабактан берген мугалимдер өздөрүнүн сабактарын орус жана кыргыз класстарга орус жана кыргыз тилинде өтүп келүүдө. Ушул сабактардан берген мугалимдер бирөө да кайра даярдоо курстарынан (кайрадан квалификациядан) өткөн эмес. Министрлик тараптан өзбек класстары үчүн мугалимдер орус жана кыргыз тилдериндеги предметтер боюнча канчалык деңгээлде сабак бере аларына жана алардын квалификациясы билим берүү стандарттарына жооп берерлигине көңүл бурулган эмес. Кыргыз жана орус класстары ачылган 19 өзбек тилдүү мектептерде 1 класссты окутуу үчүн эмгек акыга бюджеттик чыгымдар орто эсеп менен 369,9 миң сомду же бир жылга 7 027,5 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

*Араван районунда 19 өзбек мектептеринде* кыргыз жана орус класстарын ачуунун негиздүүлүгүн карап чыгып, өзбек класстары үчүн мугалимдер орус жана кыргыз тилдериндеги предметтер боюнча канчалык деңгээлде сабак бере аларына жана алардын квалификациясы билим берүү стандарттарына жооп берерлиги текшерилип, тийиштүү иш чаралар жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 29-сентябрындагы №626 токтому менен бекитилген, “Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын жана депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө” жобонун 3,4-пункттарын сактабастан, ***Жайыл райондук БББда*** талап кылынбаган 20,0 миң сом республикалык бюджеттин кирешесине которулуп берилген эмес.

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 131-беренесинин 2-пунктун сактабастан, түшкөн кирешелер өз муктаждыктарына бирдиктүү казыналык эсептен тышкары, жалпысы **409,6 миң сомго** пайдаланылган, анын ичинен:

- ***Ак-Суу районундагы М. Жусупов атындагы билим берүү орто мектебинде*** 2022-жылы айдоо жеринен орто эсеп менен пайда болгон

91,0 миң сомдук жана мектептин тегерегиндеги кыйылган теректерден түшкөн 14,0 миң сомдук киреше;

- ***Тоң районундагы Б. Мамбетов атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин көмөкчү чарбасында*** 2022-жылы түшкөн 128,6 миң сомдук жана 2023-жылы - 176,0 мин сомдук киреше.

**Сунуштама:**

- *Жайыл райондук билим берүү бөлүмүнүн* депозиттик эсебиндеги 20,0 миң сом суммасындагы акча калдыгы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 29-сентябрындагы № 626 токтому менен бекитилген, "Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө" жобонун 4-пунктуна ылайык, республикалык бюджеттин кирешесине которулсун.

- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 131-беренесинин 2-пунктун сактабастан, бирдиктүү казыналык эсептен тышкары пайдаланылган 409,6 миң сом республикалык бюджеттин кирешесине которулсун, анын ичинен: *Ак-Суу районундагы М. Жусупов атындагы билим берүү орто мектеби* боюнча - 105,0 миң сом жана *Тоң районундагы Б. Мамбетов атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин көмөкчү чарбасы боюнча 2022-2023-жылдарда* - 304,6 миң сом.

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 28-сентябрындагы № 508 "Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 26-майындагы № 136 "Балдардын мектепте акысыз билим алуу укугун ишке ашырууга мамлекеттик кепилдиктерди камсыз кылуу боюнча чаралар жөнүндө" Жарлыгын ишке ашыруу тууралуу" токтомун 1-пунктун сактабастан, ***Ысык-Көл областтык Т. Сатылганов атындагы мектеп-лицей интернатынын*** атайын эсебине 2023-жылдын 1-сентябрынан баштап 2023-жылдын 31-декабрына чейин ата-энелерден **257,2 мин сом** акча каражаты негизсиз алынган. 2024-жылдын 20-февралында №11 төлөө тапшырмасы менен **257,2 мин сом** республикалык бюджеттин кирешесине которулган.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 28-сентябрындагы № 508 "Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 26-майындагы № 136 "Балдардын мектепте акысыз билим алуу укугун ишке ашырууга мамлекеттик кепилдиктерди камсыз кылуу боюнча чаралар жөнүндө" Жарлыгын ишке ашыруу тууралуу" токтомуна ылайык, мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүү уюмдарында акча каражаттарын мыйзамсыз чогултууга контролдоо күчөтүлсүн.

**Аныктама:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-сентябрындагы № 183 токтому менен бекитилген, "Мамлекеттик мүлктү ижарага берүү тартиби жөнүндө" жобонун 17-пунктун сактабастан, ***Ош***

***шаардык билим берүү башкармалыгында*** Ош шаардык Кесиптик кошуундар уюму менен ижара акы тууралуу келишим түзүлгөн эмес. 18 чарчы метр бөлмө Кесиптик кошуундар уюму тарабынан 10-жылдан бери колдонулуп, ижара акысы жана коммуналдык чыгымдар төлөнбөй келген. Кесиптик кошуундар уюмдарынын өздөрүнүн 5 кабаттуу имаратындагы бөлмөлөр жеке ишкерлерге ижарага берилген.

Ошол эле учурда, Ош шаардык билим берүү башкармалыгынын кызматкерлерине бөлмөлөр жетишпей 15 чарчы метрлик бир бөлмөдө үчтөн, төрттөн кызматкерлер иштеп келишет.

Кесиптик кошуундар уюму отурган бөлмөнүн ижара акысы эсеп менен он жылга 577,2 миң сомду жана коммуналдык чыгымдары 100,9 миң сомду түзөт.

**Сунуштама:**

*Ош шаардык билим берүү башкармалыгынын* кызматкерлерине ыңгайлуу иш шарттарын түзүп берүү үчүн, Кесиптик кошуундар уюму колдонгон бөлмө бошотулуп, башкармалыкка өткөрүлүп берилсин жана Кесиптик кошуундар уюмуна бөлмөнү акысыз колдонууга жол берген кызмат адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын министрлер кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №181 “Билим берүү системасынын педагогикалык жана айрым категориялардагы кызматкерлсрине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө” токтомунун 4,5-пунктарын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 30-сентябрындагы №511 “Билим берүү системасынын айрым категориядагы кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтомунун 4,5-пунктарын жана талаптарын сактабастан, 2022-жылы тиешелүү предметтер боюнча мугалимдер жана окутуучулар болбогон учурда толук ставкада иштеген жетекчилерге ашыкча сааттар үчүн эмгек акы, педагогикалык иш стажы үчүн ашыкча үстөк, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1999-жылдын 25-ноябрындагы №642 токтому менен бекитилген, Эмгек акынын орточо өлчөмүн эсептөөнүн эрежелеринин 10-пунктун сактабастан, июнь айында эмгек өргүүгө чыккан педагогикалык кызматкерлерге эмгек акы өргүү төлөөдө, апрель айында 1-квартал үчүн дем берүүчү эмгек акы фондун эсебинен төлөнгөн эмгек акы кошулуп саналгандыгынын себебинен, жалпы 42 907,7 миң сом ашыкча эмгек акы төлөнгөндүгү № 1 тиркемеде көрсөтүлгөн билим берүү мекемелеринде аныкталган. Аудит учурунда 1 272,2 миң сом ордуна коюлган.

*Аксы райондук БББда* 221,8 миң сомго жана *Таш-Көмүр шаардык БББда* 122,5 миң сомго педагогикалык иш стажы үстөк акы аз эсептелип төлөнгөн.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы № 181 “Билим берүү системасынын педагогикалык жана айрым категориялардагы кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө” токтомунун 4,5-пунктарын жана Кыргыз Республикасынын

Өкмөтүнүн 1999-жылдын 25-ноябрындагы №642 токтому менен бекитилген, Эмгек акынын орточо өлчөмүн эсептөөнүн эрежелеринин 10-пунктун сактабастан, 42 907,7 миң сомго толук ставкада иштеген жетекчилерге ашыкча сааттар үчүн эмгек акы, педагогикалык иш стажы үчүн үстөк жана эмгек өргүүгө акысын төлөп берүүгө жол берген №1 тиркемеде көрсөтүлгөн билим берүү мекемелеринин жана уюмдарынын кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду:**

*Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы № 181* токтому менен бекитилген, “Билим берүү системасынын педагогикалык жана айрым категориялардагы кызматкерлерине эмгек акы төлөө жөнүндө” жобонун 26-пунктуна талаптары сакталбастан ***Ысык-Көл РББда*** окуу жүктөмдөрүн бекитүүдө, 64 мугалимге бюджеттик каражаттардын эсебинен белгиленген ченемдерден ашыкча окуу жүктөмдөрү берилген, натыйжада ашыкча окуу жүктөмдөрү үчүн **250,5 миң сом** маяна чегерилген.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы № 181 токтому менен бекитилген, “Билим берүү системасынын педагогикалык жана айрым категориялардагы кызматкерлерине эмгек акы төлөө жөнүндө” жобонун 26-пунктунун талаптарын сактабастан, *Ысык-Көл билим берүү бөлүмүнүн* окуу жүктөмдөрүн бекитүүдө, 64 мугалимге бюджеттик каражаттардын эсебинен белгиленген ченемдерден ашыкча окуу жүктөмдөрүн берүүгө жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 токтому менен бекитилген, “Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө” жобонун жана Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегинин талаптарын сактабастан, жумуш орундарын аттестациялоосуз жалпы **3 181,6 миң сом** төлөнгөн, анын ичинен: ***Ала-Бука райондук БББда*** - 2 301,2 миң сом***, Ноокен райондук БББда*** -181,8 миң сом, ***Кара-Көл шаардык БББда*** - 92,8 миң сом, ***Ош шаардык БББда*** - 404,0 миң сом, ***Ноокен районундагы Ж.Ниязов атындагы атайын мектеп интернатында*** -22,1 миң сом, ***Баткен облустук мектеп интернатында*** - 59,1 миң сом, ***Академик Ү.Асанов атындагы Нарын областтык лицей жатак мектебинде*** - 32,6 миң сом (2024-жылдын 26-январындагы №0060 төлөө тапшырмасы менен 13,0 миң сом жана №0062 төлөө тапшырмасы менен 19,6 миң сом калыбына келтирилген) жана ***Кара-Суу дүлөй балдар үчүн атайын жалпы билим берүүчү жатак мектебинде*** - 88,0 миң сом.

**Сунуштама:**

*Ала-Бука райондук, Ноокен райондук, Кара-Көл шаардык билим берүү бөлүмдөрүндө, Ноокен районундагы Ж.Ниязов атындагы атайын мектеп*

*интернатында, Баткен облустук мектеп интернатында, Академик Ү.Асанов атындагы Нарын облустук лицей жатак мектебинде* жана *Кара-Суу дүлөй балдар үчүн атайын жалпы билим берүүчү жатак мектебинде* Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 токтомуна ылайык, жумуш орундарын аттестациялоосуз оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү төлөө токтотулсун.

**Аныкталды жана корутунду:**

***Ош шаардык билим берүү башкармалыгынына*** караштуу ***№83 "Аруузат" бала бакчасы*** толук кандуу 2022-жылдын 12-декабрынан тартып балдарды кабыл алып иштей баштаган. Бирок бала бакчанын 24 кызматкерине 2022-жылдын апрель айынан баштап декабрга чейин негизсиз **3 472,7 миң сомго** эмгек акы төлөнгөн. Ошондой эле ***№82 бала бакчасы*** толук кандуу 2022-жылдын 1-октябрдан тартып балдарды кабыл алып иштей баштаган. Бирок бала бакчанын 28 кызматкерине 2021-жылдын январь айынан баштап октябрга чейин негизсиз **950,9 миң сомго** эмгек акы төлөнгөн.

**Сунуштама:**

*Ош шаардык билим берүү башкармалыгына караштуу №83 жана № 82 бала бакчаларынын* 24 жана 28 штаттык кызматкерлерине, балдарды кабыл албай иштеген мезгил учурунда, 3 472,7 миң сомго жана 950,9 миң сомго негизсиз эмгек акы төлөөгө жол берген Ош шаардык билим берүү башкармалыгынын кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду:**

Ош шаардык билим берүү башкармалыгынына караштуу ***№1 "Жибек" мектепке чейинки билим берүү уюму мекемесинде*** иштебеген Маматахунова Шахнозага 43,7 миң сомго эмгек акы төлөнүп берилген.

**Сунуштама:**

Ош шаардык билим берүү башкармалыгынына караштуу *№1 "Жибек" мектепке чейинки билим берүү уюму мекемесинде* иштебеген Ш. Маматахуновага төлөнгөн 43,7 миң сомдук эмгек акы ордуна коюлсун.

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 23-июлундагы № 336 "Билим берүү уюмдарынын болжолдуу типтүү штаттарын бекитүү жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерин күчүн жоготту деп таануу жөнүндө" токтому менен бекитилген, Билим берүү уюмдарынын болжолдуу типтүү штаттарынын талаптарын сактабастан, 2022-жылда ашыкча штаттык бирдиктер кармалып жалпы **2 937,8 миң сомго** эмгек акы төлөнүп берилген, анын ичинен: ***Манас райондук БББда*** - 751,0 миң сом, ***Ала-Бука райондук БББда*** - 638,1 миң сом, ***Чаткал райондук БББда*** - 106,7 миң сом, ***Нарын райондук БББда*** - 447,3 миң сом, ***Т.Сатылганов атындагы мектеп-лицей интернатында*** - 302,4 миң сом, ***Өзгөн райондук БББда*** - 300,8 миң сом, ***Таш-Көмүр шаардык БББда*** -51,4 миң сом, ***Өзгөн шаардык БББда*** - 57,6 миң сом, ***Өзгөн райондук БББнын*** алты бала бакчасында - 233,4 миң сом жана ***Өзгөн шаардык БББнын*** эки бала бакчасында - 49,1 миң сом.

**Сунуштама:**

*Манас, Ала-Бука, Нарын, Өзгөн, Чаткал райондук бөлүмдөрүнүн, Таш-Көмүр жана Өзгөн шаардык билим берүү бөлүмдөрүнүн, Т.Сатылганов атындагы мектеп-лицей интернатынын, Өзгөн райондук билим берүү бөлүмүнүн алты бала бакчасынын, Өзгөн шаардык билим берүү бөлүмүнүн эки бала бакчасынын штаттары* Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 23-июлундагы № 336 "Билим берүү уюмдарынын болжолдуу типтүү штаттарын бекитүү жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерин күчүн жоготту деп таануу жөнүндө" токтому менен бекитилген, Билим берүү уюмдарынын болжолдуу типтүү штаттарынын талаптарына ылайык келтирилсин жана ашыкча штаттык бирдиктерин кармоого жол берген кызмат адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду:**

***Өзгөн райондук БББнын*** балансында "Волга ГАЗ 3102" үлгүсүндөгү кызматтык автоунаа катталган, аталган унаа көп жылдан бери жараксыз, бузулган абалда тургандыгы аныкталган, бирок аталган унааны айдоо үчүн айдоочу штат бирдиги кармалып, 2022-жыл мезгил аралыгында **69,6 миң сомго** эмгек акы жана Социалдык фондго **12,0 миң сомго** камсыздандыруу төгүмдөрү (17,25%) төлөнүп берилген.

**Сунуштама:**

*Өзгөн райондук билим берүү бөлүмүндө* кызматтык унаа жараксыз абалда болгондуктан айдоочу штат бирдигин кармоо токтотулсун.

**Аныкталды жана корутунду:**

***Нарын райондук БББда*** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 5-июнундагы №315 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө" токтомунун 2.2-пунктунун талаптарын сактабастан, кызматтык автоунаасы жок болгондугуна карабастан, ашык айдоочу бирдиги кармалып, 2022-жылы **253,7 миң сомго** эмгек акы жана Социалдык фондго **39,9 миң сомго** камсыздандыруу төгүмдөрү (17,25%) төлөнүп берилген.

**Сунуштама:**

*Нарын райондук билим берүү бөлүмүндө* Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 30-майындагы № 302 токтому менен бекитилген, Райондук (шаардык) билим берүү бөлүмдөрүнүн (башкармалыктарынын) борбордоштурулган бухгалтерияларынын типтүү штаттарына ылайык, кызматтык автоунаа жок болгонуна байланыштуу, айдоочу бирдиги кыскартылсын.

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 "Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө" токтомун сактабастан, ***Таш-Көмүр шаардык БББда*** турак жайды ижаралоо боюнча акы төлөө чыгымдар 11,7 миң сомго нормадан ашыкча төлөнгөн. Ал эми ***Кочкор райондук БББда*** турак жайды ижаралоого 199,3 миң сомго аз төлөнгөн.

**Сунуштама:**

*Таш-Көмүр шаардык билим берүү бөлүмүндө* Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 “Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө” токтому так аткарылып, ашыкча төлөнгөн командировкалык чыгымдар 11,7 миң сомго тийиштүү кызматкерлерден өндүрүлүп, республикалык бюджетке ордуна коюлсун.

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген, “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” нускаманын талаптарына ылайык келбестен, 2022-жылдын жыйынтыгы менен товардык-материалдык баалуулуктардын ашыкча запастарын **3 730,1 миң сомго** жана дебитордук карыздарды **121,6 миң сомго** эсепке алуу жүргүзүлгөн эмес, анын ичинен:

| | **ТМБ ашыкча запастары** | **Дебитордук карыздар** |
|---|---|---|
| Талас атайын жалпы билим берүүчү мектеп-интернаты | 294,6 | |
| Талас райондук, шаардык БББ | 386,9 | |
| Нарын шаардык БББ | 58,2 | |
| Каракол шаардык БББнын №1-иновациалык гимназия мектеби | 182,9 | |
| Ысык-Көл областтык Т.Сатылганов атындагы мектеп-лицейи | 184,3 | |
| Сокулуктагы психикалык өнүгүүсү жетишпеген балдар үчүн атайын башталгыч жатак-мектебин | 647,3 | 43,7 |
| Красноречка атайын жалпы билим берүүчү жатак-мектебин | 65,3 | |
| Сокулуктагы сүйлөөдө оор бузуулары бар балдар үчүн атайын жалпы билим берүүчү жатак-мектеби | 48,3 | 77,9 |
| Кыргыз Республикасынын Улуттук көркөм сүрөт академиясына караштуу көркөм сүрөт жатак-мектеби | 356,0 | |
| Кыргыз Республикасынын Улуттук көркөм сүрөт академиясына караштуу Ысык-Көл областык көркөм сүрөт мектеп-интернаты | 63,1 | |
| Жетим балдар жана ата-энелеринин көзөмөлүсүз калган балдар үчүн Чүй жатак мектеби | 194,4 | |
| Чүй-Токмок БББ | 1 278,8 | |
| **Бардыгы** | **3760,1** | **121,6** |

*-Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине сунуштама:*

*Талас атайын жалпы билим берүүчү мектеп-интернатында, Талас райондук/шаардык билим берүү бөлүмүндө, Нарын шаардык билим берүү бөлүмүндө, Каракол шаардык билим берүү бөлүмүнө караштуу №1-иновациалык гимназия мектебинде, Ысык-Көл областтык Т.Сатылганов*

*атындагы мектеп-лицейинде, Сокулуктагы психикалык өнүгүүсү жетишпеген балдар үчүн атайын башталгыч жатак-мектебинде, Красноречка атайын жалпы билим берүүчү жатак-мектебинде, Сокулуктагы сүйлөөдө оор бузуулары бар балдар үчүн атайын жалпы билим берүүчү жатак-мектебинде, Кыргыз Республикасынын Улуттук көркөм сүрөт академиясына караштуу көркөм сүрөт жатак-мектебинде, Кыргыз Республикасынын Улуттук көркөм сүрөт академиясына караштуу Ысык-Көл областтык көркөм сүрөт мектеп-интернатында, Жетим балдар жана ата-энелеринин көзөмөлүсүз калган балдар үчүн Чүй жатак-мектебинде* жана *Чүй-Токмок билим берүү бөлүмүндө* 2022-жылдын жыйынтыгы боюнча товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастары 3 760,1 миң сомго жана 121,6 миң сомго дебитордук карыздардын пайда болушунун себептерине талдоо жүргүзүлсүн. Жылдын аягында товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашыкча запастарынын жана дебитордук карыздардын пайда болушуна жол берилбесин;

*-Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине сунуштама:*

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3 ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген, “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” нускамага ылайык, 2024-жылы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигин каржылоодо 2022-жылдын аягына карата 3 760,1 миң сомго товардык-материалдык баалуулуктардын ашыкча запастарын жана 121,6 миң сомго дебитордук карыздарды, аларды 2023-жылы өздөштүрүүсүн эске алуу менен эсепке алынсын.

**Аныкталды жана корутунду:**

***Сузак районундагы Ж.Бөкөнбаев атындагы Окуу-тарбиялык комплексинде*** негизги фонддор балансында болгон эмес. Ошондой эле, Жер ресурстары кызматынын Сузак райондук филиалынын маалыматы боюнча №-3-05-03-1004-0393-01 идентификациялык коду менен “Жеткинчек” балдар үйүнө катталган, бирок “Ж.Бөкөнбаев атындагы Окуу-тарбиялык комплексине” укук берүүчү документтер (правоудостоверяющие) түзүлгөн эмес. Аудиттин жүрүшүндө аталган негизги фонддордун “Ж.Бөкөнбаев атындагы Окуу-тарбиялык комплексине” таандык экендиги 1996-жылдардагы документтерди негизинде аныкталган.

Балансnúmта көрсөтүлбөгөн негизги фонддордун чыныгы баасын аныктоо максатында “Консалтингово-информационный центр Жалал-Абад-Оценка” борбору менен Ж.Бөкөнбаев атындагы окуу тарбия комплексинин ортосунда “Мүлктү баалоо боюнча кызмат көрсөтүү” келишими 2023-жылдын 28-ноябрында түзүлүп, аталган мүлк **22 110,6 миң сомго** бааланган.

Мындан сырткары, материалдык баалуулуктарынын сакталышына жүргүзүлгөн аудитте бир 10 тонналык темир цистерна бухгалтердик эсепте жок экендиги аныкталган, орточо базар баасы 300,0 миң сомго бааланган.

Аудиттин жыйынтыгы менен Ж.Бөкөнбаев атындагы Окуу-тарбиялык комплекстин директорунун 2023-жылдын 29-ноябрындагы №87 буйругунун негизинде негизги фонддор окуу комплексинин балансына кириштелген.

***Тоң районундагы Б.Мамбетов атындагы жалпы орто билим берүү мектебине*** караштуу 458,8 миң сомдук мал жандыктары менен алма бактары Б.Мамбетов айыл өкмөтүнүн бухгалтердик балансына алынган эмес.

**Сунуштама:**

*Тоң районундагы Б.Мамбетов атындагы жалпы орто билим берүү мектебине* караштуу 458,8 миң сомдук мал жандыктары менен алма бактары Б.Мамбетов айыл өкмөтүнүн бухгалтердик балансына алынышы боюнча иш чаралар жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду:**

***Жумгал райондук БББда*** тастыктоочу иш кагаздары жок оңдоо иштерине 4,0 миң сом акча каражаты негизсиз чыгышталган.

**Сунуштама:**

*Жумгал райондук билим берүү бөлүмүндө* тастыктоочу иш кагаздары жок негизсиз оңдоо иштерине чыгышталган 4,0 миң сомго тиешелүү документтерди берүү камсыздалынсын.

**Аныкталды жана корутунду:**

***Ош шаардык билим берүү башкармалыгынын*** борбордук бухгалтериясынын кызматкерлери тарабынан эмгек акы эсептеп төлөм жүргүзүүдө, 1С программасы менен эсептелген эмгек акы, төлөм ведомосту жана коммерциялык банктар берген маалымат (көчүрмө) менен салыштырганда, 2021-жылы 17 152,4 миң сомго жана 2022-жылы 15 637,3 миң сомго кызматкерлердин эмгек акы карточкаларына ашыкча которулуп берилген.

Ашыкча которуулар төмөнкү жолдор менен жүргүзүлгөн:

- банкка берилген төлөм ведомосттордо төлөнүүчү суммаларга ашыкча кошулуп жазылган;
- төлөм ведомосттордо кызматкердин фамилиясы жана аты жазылган, бирок карточканын номери Ош шаардык билим берүү башкармалыгынын бухгалтеринин жана башка кызматкерлериники жазылган;
- иштебеген, декреттик отпускада жүргөн адамдардын карточкаларына которулуп берилген ж.б. жолдор менен.

Натыйжада, эки жыл аралыгында **32 790,1 миң сомго** эмгек акыга каралган каражаттардан уурдоолор аныкталган. Аныкталган сумма коммерциялык банктар жана Ош шаардык билим берүү башкармалыгы тарабынан берилген документтердин негизинде жүргүзүлгөн. Айрым документтер башкармалык жана Демир Кыргыз Интернэшнл банк тарабынан ар кандай шылтоо менен берилген жок.

***Бакай-Ата райондук билим берүү бөлүмүнүн*** кызматкерлеринин эсептерине эмгек акы эсептеп төлөм жүргүзүүдө, 2022-жылы 9 408,9 миң сом жана 2023-жылы 1 621,8 миң сом акча каражаттары негизсиз которулган, жалпы суммасы **11 030,7 миң сом.** Негизсиз которуулар боюнча аудиттин

материалдары Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетине жиберилген (2023-жылдын 1-декабрындагы №01-9/312 кат менен).

***Ош шаардык билим берүү башкармалыгынын*** аппаратынын, метод кабинеттин жана борбордук бухгалтериянын кызматкерлерине 2022-жыл ичинде эмгек акыга 13 695,3 миң сом акча каражаты которулган, кызматкерлердин өздүк эсеби боюнча колго тиер эмгек акысы 12 943,5 миң сомго эсептелсе**, 751,8 миң сом** ашыкча которулуп берилген. 2022-жылдын аягында 751,8 миң сом дебитордук карыз аванс иретинде бухгалтердик балансnumbered көрсөтүлгөн эмес жана 2023-жылы кызматкерлердин эмгек акыларынан кармалган жана кайтарылган эмес.

**Сунуштама:**

*Ош шаардык билим берүү башкармалыгынын* 2021-2022-жылдар ичинде 32 790,1 миң сомго эмгек акыдан аныкталган уурдоо фактылары жана 751,8 миң сомго эмгек акыга ашыкча которулуп берилген акча каражаттары боюнча аудиттин материалдары Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетине жиберилсин.

**Аныкталды жана корутунду:**

- ***Сузак районундагы Ж.Бөкөнбаев атындагы окуу тарбия комплексинде*** 1 баш малдын жетпегендиги аныкталган;
- ***Каракулжа районундагы Ш.Жээнбеков атындагы жатак-лицейинин көмөкчү чарбасындагы*** 5-баш малдын жжетпегендиги аныкталып, аны мугалимдерден турган комиссиянын мүчөлөрү 2023-жылдын 20-февралында 157,0 миң сомго базарга саткандыгы тууралуу акт түзүлгөн, аудит учурунда 2 баш уй, 2 баш торпок алып келип ордуна коюлган.
- ***Жалал-Абад шаардык БББда*** - 16,7 миң сомго, ***Ноокат районундагы Н.К.Крупская орто мектебинде*** - 22,6 миң сомго, Ош шаардык ***БББга*** караштуу балдар бакчаларында - 32,4 миң сомго***, Таш-Көмүр шаардык БББга*** караштуу балдар бакчаларында - 5,8 миң сомго (*ордуна коюлган)*, ***Тон районундагы К.Тилеков атындагы жалпы орто билим берүү мектебинде*** - 17,1 мин сомго, ***Р.Жангазиев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинде*** - 2,6 миң сомго, ***Ж.Алтымышбаев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинде*** - 6,6 мин сомго, ***Ысык-Көл облasттык Т.Сатылганов атындагы мектеп лицейинде*** - 12,8 миң сомго, жалпысы **116,6 миң сомго** тамак-аш азыктарынын жетишпестиктери аныкталган. *(2024-жылдын 20-февралында 39,1 миң сомдук Ысык-Көл облусундагы мектептер боюнча жана Жалал-Абад шаардык БББда* 16,7 миң сомдук *жетишпестиктер өндүрүлүп, республикалык бюджеттин кирешесине которулган)*;
- ***Ош шаардык БББга*** караштуу бала бакчаларында тамак-аш азыктарынан 50,8 миң сомго ашыкча аныкталган;
- ***Жалал-Абад шаардык БББда*** 1 528,5 миң сомдук китеп фондуна ашыкча аныкталып, аудит учурунда бухгалтердик эсепке кириштелген;

- ***Таш-Көмүр шаардык БББда*** 680,1 миң сомдук эмеректер жана электр жабдуулары бухгалтердик эсептен ашыкча экендиги аныкталып, бухгалтердик эсепке кириштелип кабыл алынган.

**Сунуштама:**

- *Сузак районундагы Ж.Бөкөнбаев атындагы окуу тарбия комплексинде* 1 баш малдын жетпегендиги, *Ноокат районундагы Н.К.Крупская орто мектебинде* 22,6 миң сомго жана *Ош шаардык билим берүү башкармалыгына караштуу бала бакчаларында* 32,4 миң сомго тамак-аш азыктарынын жетишпестиктери күнөөлүү кызмат адамдардын эсебинен ордуна коюлсун;
- *Ош шаардык билим берүү башкармалыгына караштуу бала бакчаларында* 50,8 миң сомго тамак-аш азыктарынын ашыкчасы бухгалтердик эсепке кириштелсин.

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 15-январындагы № 7 "Социалдык чөйрө мекемелеринде тамак-аштын акчалай нормалары жөнүндө" токтому менен белгиленген тамак-аштын эсептик акчалай нормаларын сактабастан, 2022-жылы ***Токтогул атындагы санаториялык мектеп-интернат мекемесининде*** - 618,9 миң сомго жана ***Жумгал райондук БББда*** - 5,1 миң сомго нормадан ашыкча тамак-аш азыктары чыгымдалган.

***Тоң районунун А.Пушкин атындагы жалпы орто билим мектебинде*** - 4,7 миң сомго жана ***Ысык-Көл районунун Кара-Ой айылындагы К.Бектенов атындагы жалпы орто билим берүү мектебинде*** - 4,8 миң сомго тамак-аш азыктары келбей калган балдардын эсебинен чыгышталган. Ашыкча чыгышталган 9,5 миң сом республикалык бюджеттин кирешесине которулган.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 15-январындагы № 7 "Социалдык чөйрө мекемелеринде тамак-аштын акчалай нормалары жөнүндө" токтому менен белгиленген тамак-аштын эсептик акчалай нормаларын сактабастан, *Токтогул атындагы санаториялык мектеп-интернат мекемесининде* 618,9 миң сомго жана *Жумгал райондук билим берүү бөлүмүндө* 5,1 миң сомго 2022-жылы нормадан ашыкча чыгымдалган тамак-аш азыктары ордуна коюлсун жана нормадан ашыкча чыгымдоого жол берген кызмат адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 22-августундагы №576 токтому менен бекитилген, "Электр энергиясынын пайдалануу" эрежеси аткарылбагандыктан, керектелген электр энергия үчүн өз убагында төлөнбөгөндүктөн айып пул (туум) берилип, ***Таш-Көмүр БББда*** **10,2 миң сомго** жана ***М.Разаков атындагы жетим балдар жана ата-энелеринин көзөмөлүсүз калган балдар үчүн Мырза-Аке жатак мектебинде*** өз убагында каржылоо болбогондуктан **65,0 миң сомго** айып пул (туум)

эсептелип төлөнгөн.

**Сунуштама:**

*Билим берүү мекемелери жана уюмдары* тарабынан керектелген электр энергиясы үчүн төлөмдөрдү өз убагында жүргүзүүсү контролго алынсын жана айып пул түрүндө бюджеттик жоготууларга жол берилбесин.

**Аныкталды жана корутунду:**

***Сузак райондук БББда*** 2022-жылга түзүлгөн балансга **2 128,1** миң сомдук дебитордук карыз көрсөтүлгөн эмес. Аудит жүрүшүндө бухгалтердик өткөрмөлөр берилип, 2023-жылдын балансына оңдоп-түзөөлөр киргизилген.

**Аныкталды жана корутунду:**

2022-жылдын 31-декабрына карата жалпы **5 917,0 миң сомдук** дебитордук карыз пайда болгон, анын ичинен: ***Ноокат райондук БББда*** - 2 099,7 миң сом, ***Талас райондук/шаардык БББда*** - 50,2 миң сом, ***Кара-Суу дүлөй балдар үчүн атайын жалпы билим берүүчү жатак мектебинде*** - 961,1 миң сом, ***Жайыл райондук БББда*** - 1 361,7 миң сом, ***К.Тилабалиев атындагы жетим балдар жана ата-энелеринин көзөмөлүсүз калган балдар үчүн Панфилов жатак мектебинде*** - 224,7 миң сом, ***Беловодскидеги мектеп жашына чейинки балдар үйүндө*** - 93,9 миң сом, ***Беловодскидеги атайын жалпы билим берүүчү (Көмөкчү) жатак мектебинде*** - 255,9 миң сом, ***Сокулуктагы психикалык өнүгүүсү жетишпеген балдар үчүн атайын башталгыч жатак-мектебинде*** - 43,7 миң сом, ***Красноречка атайын жалпы билим берүүчү жатак-мектебинде*** - 501,7 миң сом, ***Жетим балдар жана ата-энелеринин көзөмөлсүз калган балдар үчүн Военно-Антоновка балдар үйүндө*** -184,2 миң сом жана ***Кемин райондук БББда*** - 140,2 миң сом.

**Сунуштама:**

2022-жылдын 31-декабрына карата пайда болгон жалпы суммасы 5 917,0 миң сомдук дебитордук карызды *Ноокат, Жайыл, Кемин райондук жана Талас райондук/ шаардык билим берүү бөлүмдөрү, Кара-Суу дүлөй балдар үчүн атайын жалпы билим берүүчү жатак мектеби, К.Тилабалиев атындагы жетим балдар жана ата-энелеринин көзөмөлсүз калган балдар үчүн Панфилов жатак мектеби, Беловодскидеги мектеп жашына чейинки балдар үйү, Беловодскидеги атайын жалпы билим берүүчү (Көмөкчү) жатак мектеби, Сокулуктагы психикалык өнүгүүсү жетишпеген балдар үчүн атайын башталгыч жатак-мектеби, Красноречка атайын жалпы билим берүүчү жатак-мектеби* жана *Жетим балдар жана ата-энелеринин көзөмөлсүз калган балдар үчүн Военно-Антоновка балдар үйү* боюнча жоюу камсыздасын жана дебитордук карыздардын пайда болушуна контролдоо күчөтүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 18-сентябрындагы №672 “Менчик жеңил автомобилдерди кызматтык сапарга пайдалангандыгы үчүн компенсациянын нормалары жөнүндө” токтомунун 5-пункту бузулуп, ***Түп райондук БББнын*** башчысына ишеним кат түзүлбөстөн 7,0 миң сом которулган.

**Сунуштама:**

Жеке менчик жеңил автомобилин кызматтык сапарга пайдаланууда, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 18-сентябрындагы №672 "Менчик жеңил автомобилдерди кызматтык сапарга пайдалангандык үчүн компенсациянын нормалары жөнүндө" токтомунун талаптарына ылайык компенсация төлөнүп берилсин.

**Аныкталды жана корутунду:**

- "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын 9-11-беренелеринин талаптары сакталган эмес, тактап айтканда, ***айрым мекемелерде*** сатып алууларды жүргүзүүдө мамлекеттик сатып алуулардын планын өз алдынча иштелип чыгып, аны мамлекеттик сатып алуулардын веб-порталына жайгаштырылган эмес жана кулактандырууну жарыялоонун алдында сатылып алынуучу товарлардын, жумуштардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн рыногуна мониторинг жүргүзүлгөн эмес.
- ***Ноокат районундагы М.Гапаров атындагы жөндөмдүү балдардын жатак-гимназиясында, Өзгөн жана Ноокат райондук БББда*** Мыйзамдын 29-беренесинин 2-пунктуна ылайык, жеңип алган берүүчүлөр менен кол коюучу мөөнөттөрдү сактабастан контракттар түзүлгөн;
- ***Талас райондук/шаардык БББда*** Мыйзамдын 16-беренисин сактабастан, чектелбеген ыкманы колдонуунун ордуна 23 191,9 миң сомго котировкаларды суроо ыкмасы менен сатып алуулар жүргүзүлгөн;
- ***Панфилов райондук БББда*** Мыйзамдын 9-беренесинин 3-пунктун сактабастан, сатып алууларды жүргүзгөн адис мамлекеттик сатып алуулар жаатында сертификацияланган эмес;
- ***А.Молдокулов атындагы Улуттук иновациалык технологиялар мектеп-лицейинде*** жана ***Токтогул райондук БББда*** мамлекеттик сатып алуулардын жол жоболорун өткөрбөстөн, 6 219,5 миң сомдук жана 1 149,2 миң сомдук мамлекеттик сатып алуулар жүргүзүлгөн.

**Сунуштама:**

Мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдө Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын талаптары так сакталсын жана *Талас райондук/шаардык, Өзгөн, Панфилов жана Токтогул райондук билим берүү бөлүмдөрүндө, Ноокат районундагы М.Гапаров атындагы жөндөмдүү балдардын жатак-гимназиясында, А.Молдокулов атындагы Улуттук иновациалык технологиялар мектеп-лицейинде* мамлекеттик сатып алууларда бузууларга жол берген тиешелүү кызмат адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

***Башталгыч кесиптик билим берүү уюмдары боюнча***

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 22-ноябрындагы № 545 "Кыргыз Республикасынын кесиптик башталгыч билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү уюмдарында ченемдик каржылоону киргизүү боюнча чаралар жөнүндө" токтомунун талаптары аткарылбастан 2022-жылга

бюджетте, бюджеттик каржылоонун ченемине карата бюджеттик чыгашалардын айрым беренелерин жалпысынан 10 964,5 миң сомго кем каржылоого жол берилген, *анын ичинен: **№25 кесиптик лицейинде** - 1916,8 миң сом, **№102** - 1926,2 миң сом, **№105** - 555,7 миң сом, **№5** - 1266,3 миң сом, **№98** - 1635,0 миң сом, **№ 93** - 768,4 миң сом, **№ 94** - 1405,8 миң сом, **№91** - 149 миң сом.*

***№102 кесиптик лицейинде*** бюджеттик каражаттардын жетишсиз каржыланышынын натыйжасында “Тамак-аш азыктарын сатып алуу” беренеси боюнча атайын эсептин каражаттарынан негизсиз 96,9 миң сомду чыгымдоого жол берилген.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 10-майындагы № 231 “Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин башталгыч жана орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү уюмдарын жана Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүү уюмдарын каржылоо тартиби жөнүндө” токтому менен Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин башталгыч кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү уюмдарын бир билим алуучуга эсептелген бюджеттик каржылоонун типтүү ченемдери бекитилген.

**Сунуштама:**

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 10-майындагы №231 “Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин башталгыч жана орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү уюмдарын жана Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүү уюмдарын каржылоо тартиби жөнүндө” токтому менен бекитилген билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү уюмдарын бир билим алуучуга эсептелген бюджеттик каржылоонун типтүү ченемдеринин негизинде Башталгыч кесиптик билим берүүнүн уюмдарында бюджеттик каражаттарды түзүү жана бөлүштүрүү жүргүзүлсүн;
- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги менен бирдикте, бекитилген ченемдердин негизинде түзүлгөн Башталгыч кесиптик билим берүүнүн уюмдарында бюджеттик каражаттарын толук каржылоо жагы камсыздалсын жана атайын эсептин каражаттарынан бюджеттик милдеттенмелерди каржылоо токтотулсун.

**Аныкталды жана корутунду:**

2022-окуу жылында сабактарды системалуу түрдө калтырган, себепсиз окууга келбей койгон жана ар-түрдүү жана жүйөсүз себептерден бюджеттик негизде окуган студенттер окуусунан четтетилген. Алсак, ***№97 кесиптик лицейинде*** - 20 студент, аларга кеткен чыгымдар 647,0 миң сомду, ***№18*** - 41 студент 2 099,2 миң сом, ***№6*** - 19 студент 1 329,8 миң сом, ***№13*** - 33 студент 1 838,0 миң сом, ***№41*** - 19 студент 1 384,2 миң сом, ***№90*** - 11 студент 887,3 миң сом жана ***№110*** - 11 студент 819,0 миң сомду түзгөн, жалпысынан **9 004,5 миң сом**.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-июнундагы №355 токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасынын

жогорку жана кесиптик орто билим берүүчү билим берүү уюмдарынын мамлекеттик билим берүү гранттары жана бюджеттик орундары жөнүндө” жобонун 16-пунктуна ылайык, бюджеттик каражаттардын эсебинен окуган же жогорку жана кесиптик орто билим алган Кыргыз Республикасынын жарандары төмөнкү учурларда мамлекеттик билим берүү грантынын, бюджеттик орундун өлчөмүндө билим берүү уюмунун адисти даярдоого чыгымдарынын ордун толтурууга милдеттүү:

- ЖОЖдон/КООЖдон жүйөсүз себеп же өз каалоосу боюнча окуудан чыгарылганда (жүйөлүү себептер - ден соолугунун абалы, туруктуу жашоо үчүн республиканын чегинен сырткары кетүү, ырастоочу документтерди берген учурда);
- башка адистикке же окутуунун наркын төлөө келишими боюнча окууга которулууга байланыштуу ЖОЖдон/КООЖдон окуудан чыгарылганда.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-июнундагы №355 токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасынын жогорку жана кесиптик орто билим берүүчү билим берүү уюмдарынын мамлекеттик билим берүү гранттары жана бюджеттик орундары жөнүндө” жобонун 16-пунктуна ылайык, бюджеттик негизде окуган студенттердин окуудан четтетилгендигине байланыштуу, адисти даярдоого сарпталган чыгымдардын ордун толтуруу төмөндө көрсөтүлгөн лицейлердин студенттеринин эсебинен камсыздалынсын: *№97 кесиптик лицейинде* - 20 студенттен 647,0 миң сом, *№18* - 41 студенттен 2 099,2 миң сом, *№6* - 19 студенттен 1 329,8 миң сом, *№13* – 33 студенттен 1 838,0 миң сом, *№41* – 19 студенттен 1 384,2 миң сом, *№90* - 11 студенттен 887,3 миң сом жана *№110* - 11 студенттен 819,0 миң сом, жалпысынан 9 004,5 миң сом.

**Аныкталды жана корутунду:**

***№18 кесиптик лицейинде*** атайын каражаттар эсебинин кирешелер жана чыгымдар сметасына ылайык Окуу өндүрүш комплексинин жалпы кирешесинен 10% лицейге чегерүү каралган. 2022-жылдын жыйынтыгы менен Окуу өндүрүш комплексинин 858,6 миң сомдук кирешесинен **85,8 миң сом** лицейге которулган эмес.

**Сунуштама:**

Окуу өндүрүш комплексинин кирешелер жана чыгашалар сметасына ылайык, 10% же 85,8 миң сом *№18 кесиптик лицейинин* атайын эсебине которуусу камсыздалынсын.

**Аныкталды жана корутунду:**

***Токмок индустриялык-педагогикалык колледжинде*** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 10-февралындагы №85 “Мамлекеттик органдары, алардын түзүмдүк бөлүмдөрү жана ведомстволук мекемелери көрсөтүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестрине (тизмегин) бекитүү жөнүндө” токтому менен бекитилген, мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү тизмегине (реестр)

киргизилбеген окуу жайларына кирүүчү абитуриенттер үчүн кызмат көрсөтүүлөр жалпысынан **34,8 миң** сомду түзгөн, анын ичинен 2021-жылы 14,0 миң сом жана 2022-жылы 20,8 миң сом.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2024-жылдын 12-июнундагы №304 токтому менен бекитилген, “Мамлекеттик органдары жана алардын ведомстволук мекемелери көрсөтүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестрин бекитүү жөнүндө” бирдиктүү реестрине ылайык, окуу жайларына кирүүчү абитуриенттер үчүн кызмат көрсөтүүлөрдү Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги менен бирдикте кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестрине киргизүү маселеси каралсын.

**Аныкталды жана корутунду:**

***№100 кесиптик лицейинде*** акы төлөнүүчү кыска мөөнөттөгү курстар боюнча билим берүү кызматтарына баалардын 2021-2022 жана 2022-2023-окуу жылына карата прейскурантынын калькуляциясын түзүүдө, көрсөтүлгөн чыгашаларды жүргүзбөй, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 18-майындагы № 300 токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасында билим берүүнүн акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтерди коюу жана колдонуу жөнүндө” жобонун 15-пунктунун талаптарына ылайык келбестен, билим берүүнүн акы төлөмө кызматын көрсөтүүсүнө тарифтердин прейскурантын жогорулатуунун жыйынтыгында **20,2 миң сом** киреше түшкөн.

**Сунуштама:**

*№100 кесиптик лицейинде* билим берүү кызматын көрсөтүүсүнө тарифтердин прейскуранты Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 18-майындагы № 300 токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасында билим берүүнүн акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтерди коюу жана колдонуу жөнүндө” жобонун 15-пунктуна ылайык так эсептелсин.

**Аныкталды жана корутунду:**

***№82 кесиптик лицейинде*** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 29-сентябрындагы № 626 токтому менен бекитилген, “Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө” жобонун 3 жана 4-пункттарына шайкеш келбестен, депозиттик каражаттардын 5,0 миң сом калдык суммасы 2017-жылдын бери келе жатканы аныкталган. Башкы бухгалтердин түшүндүрмөсү боюнча бул сумма кайсы мекемеден калганы белгисиз жана эч кандай мекемелер бул сумманы кайтарып берүүсүн талап кылган эмес.

**Сунуштама:**

*№82 кесиптик лицейинин* депозиттик эсебиндеги 5,0 миң сом суммасындагы акча калдыгы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 29-сентябрындагы № 626 токтому менен бекитилген, “Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик

мекемелердин каражаттары жөнүндө” жобонун 4-пунктуна ылайык, республикалык бюджеттин кирешесине которулсун.

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын “Салыктык эмес кирешелер жөнүндө” Кодексинин 101-беренесинин 2-пункту аткарылбай, мүлктү ижарага берүүдөн түшкөн каражаттан ***№33 кесиптик лицейинде*** **26,0 миң сом** (аудит учурунда 2023-жылдын 7-декабрындагы №20 төлөө тапшырмасы менен республикалык бюджеттин кирешесине которулган), ***№59 - 88,0*** **миң сом** жана ***№47*** - **44,8 миң сом** республикалык бюджеттин кирешесине которулган эмес.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын “Салыктык эмес кирешелер жөнүндө” Кодексинин 101-беренесинин 2-пунктуна ылайык *№59 жана №47 кесиптик лицейлери боюнча* 88,0 миң сом жана 44,8 миң сом ижара акысы республикалык бюджеттин кирешесине которулсун.

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-сентябрындагы №183 токтому менен бекитилген, “Мамлекеттик мүлктү ижарага берүү тартиби жөнүндө” жобонун 5, 6, 9 жана 11 пункттарын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 31-декабрындагы №758 токтому менен бекитилген, Мамлекеттик турак жай фондунун үйлөрүндөгү турак жайды пайдалангандыгы үчүн акы төлөөнүн (батир акысын төлөөнүн) өлчөмүн аныктоонун тартибинин сактабастан, ***№87 кесиптик лицейдин*** балансында 21 батирден турган кызматтык үйлөр катталган (барак тибиндеги үйлөр), анын 11 батиринде турган адамдар менен ижара келишимдери түзүлгөн эмес, натыйжада, көрсөтүлгөн тартиптин негизинде **136,7 миң сомго** ижара акы жоготуулары эсептелген.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 9-октябрындагы № 535 токтому менен бекитилген, “Мамлекеттик менчикте турган жер участокторун берүү тартиби жөнүндө” жобонун 13-пунктун сактабастан, ***№87 кесиптик лицейинде*** “Нур-Телеком” ЖЧКсына антенна-фидердик жабдуусун орнотуу үчүн жер участогун ижарага берүү жогорку турган орган менен макулдашылган эмес.

Ошондой эле, лицей менен ЖЧКнын ортосундагы ижара келишимине ылайык, келишимдин мөөнөтү бүткөндө эки тараптын бирөөсү ушул келишимди токтотууга сунуш бербесе андан кийинки убакытка келишим иштей берет деп көрсөтүлгөндүгүнө карабастан, **60,0 миң сом** ижара акысы төлөнгөн эмес, эсепте дебитордук карыз катары да көрсөтүлгөн эмес. Аудиттен кийин 2024-жылдын 8-февралында 32,7 миң сом республикалык бюджетке которулуп берилген, калдыгы 27,3 миң сом.

**Сунуштама:**

*№87 кесиптик лицейинде:*

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-сентябрындагы №183 токтому менен бекитилген, “Мамлекеттик мүлктү ижарага берүү тартиби жөнүндө” жобонун 5, 6, 9 жана 11 пункттарын жана

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 31-декабрындагы №758 токтому менен бекитилген, Мамлекеттик турак жай фондунун үйлөрүндөгү турак жайды пайдалангандыгы үчүн акы төлөөнүн (батир акысын төлөөнүн) өлчөмүн аныктоонун тартибине ылайык 11 батирде жашаган адамдар менен ижара келишимдери түзүлсүн;

- Жер участогун ижарага берүүдө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 9-октябрындагы № 535 токтому менен бекитилген, "Мамлекеттик менчикте турган жер участокторун берүү тартиби жөнүндө" жобонун 13-пунктунун талаптары так сакталсын;

- "Нур-Телеком" ЖЧКсынан 27,3 мин сом ижара акысы өндүрүлүп, республикалык бюджетке которулсун.

**Аныкталды жана корутунду:**

***№25 кесиптик лицейинде*** Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фондунун, №25 кесиптик лицейинин жана "Казань Улуттук Изилдөө Технологиялык Университети" жогорку кесиптик билим беруу федералдык мамлекеттик бюджеттик окуу жайынын Кыргыз филиалы (мындан ары КУИТУ) тарабынан 2022-жылдын 18-октябрында түзүлгөн үч тараптуу макулдашуунун 2.1.1-пункттун талаптарын бузуу менен, № 25 кесиптик лицей тарабынан өткөрүлүп берилиши керек болгон жалпы аянты 1 809,15 чарчы метрден иш жүзүндө "КУИТУ" болгону 375,02 чарчы метрди ээлейт, бул бериле турган жалпы аянттын 20,7%ды гана түзөт.

Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-сентябрдагы № 183 токтому менен бекитилген, "Мамлекеттик мүлктү ижарага берүү тартиби жөнүндө" жобонун 12-пунктунун жана көрсөтүлгөн Макулдашуунун 2.2.2 жана 2.2.3.пункттарынын талаптары сакталбастан, келишимдин шарттарында тиешелүү эсептөөлөр көрсөтүлгөн эмес, КУИТУнун милдеттенмелери боюнча чыгашалар үчүн каражаттардын суммасы, атап айтканда, коммуналдык кызматтардын наркын, эксплуатациялык чыгымдарды төлөө жана өз алдынча акысыз пайдаланууга алынган имараттардын абалын жакшыртуу, реконструкциялоо, учурдагы жана капиталдык оңдоо иштери жана аларды ишке ашыруу мөөнөттөрү белгиленген эмес.

**Сунуштама:**

*-№ 25 кесиптик лицейи* тарабынан аянты 1 809,15 чарчы метрден иш жүзүндө Казань Улуттук Изилдөө Технологиялык Университети болгону жалпы аянттын 20,7%ын гана түзгөн 375,02 чарчы метрди ээлегендигине байланыштуу, акысыз берилген бул имаратты пайдалануунун натыйжалуулугу каралсын;

- 2022-жылдын 18-октябрында түзүлгөн үч тараптуу аянтты берүү боюнча макулдашуунун шарттарын Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-сентябрындагы № 183 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик мүлктү ижарага берүү тартиби жөнүндө" жобонун

12-пунктунун талаптарына шайкеш келтирилсин жана аларды ишке ашыруу боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду:**

*Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы № 181 "Билим берүү системасынын педагогикалык жана айрым категориялардагы кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө"* токтомунун талаптарын бузуулар жана дал келбестиктер:

- көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген, "Билим берүү системасынын педагогикалык жана айрым категориялардагы кызматкерлерине эмгек акы төлөө жөнүндө" жобонун 26-пунктуна талаптары сакталбастан ***№12, 113, 16, 22, 18, 23, 14, 4, 69, 39, 57 жана 72 кесиптик лицейлеринде*** окуу жүктөмдөрүн бекитүүдө, атайын каражаттардын эсебинен белгиленген ченемдерден ашыкча окуу жүктөмдөрү берилген, натыйжада ашыкча окуу жүктөмдөрү үчүн **1 365,2 миң сом** маяна чегерилген, ал эми Социалдык фондго **92,6 миң сомго** (17,25%) камсыздандыруу төгүмдөрү төлөнүп берилген (*№12 кесиптик лицей - 174,8 миң сом маяна, Социалдык фондго чегерүүлөр 30,1 миң сом (17,25%), №113 - 176,2 миң сом, 30,4 миң сом (17,25%), №16 - 149,6 миң сом, 25,8 миң сом(17,25%), №22 - 36,8 миң сом, 6,3 миң сом (17,25%), №18 - 146,5 миң сом, №23 - 60,1 миң сом, №14 - 43,8 миң сом, №4 - 165,1 миң сом, №69 - 322,1 миң сом, №39 - 14,6 миң сом, №57 - 53,5 миң сом жана №72- кесиптик лицей - 22,1 миң сом маяна).*

- "Билим берүү системасынын педагогикалык жана айрым категориялардагы кызматкерлерине эмгек акы төлөө жөнүндө" жобонун 19-пунктунун талаптары сакталбастан, ***№2 кесиптик лицейинде*** орус тили жана адабияты мугалимдеринин ставкасына белгиленген эмгек акысына 15% пайыз кошумча төлөм **52,2 миң сом** чегерилген, Социалдык фондго 9,0 миң сомго (17,25%) камсыздандыруу төгүмдөрү төлөнүп берилген;

- токтомдун 20-тиркемесинде белгиленген талаптары сакталбастан ***№62 кесиптик лицейинде*** 6 штаттык бирдик эсебиндеги кароолчуларга аудит мезгил аралыгында тарифдик ставкасына 1,0 эселөө коэффициентинин ордуна 1,036 эселөө коэффициенти колдонулуп, эсеп менен **27,4 миң сом** өлчөмүндө ашыкча эмгек акы чегерилген, Социалдык фондго **4,7 миң сомго** (17,25%) камсыздандыруу төгүмдөрү төлөнуп берилген, ошондой эле ***№87 кесиптик лицейинде*** эселөө коэффициентин үч кызматкерге көбөйтүүдө **60,7 миң сомго** ашыкча эмгек акы төлөнгөн.

- токтомдун 10-тиркемесинде белгиленген талаптары сакталбастан ***№18 кесиптик лицейинде*** медайымга жана окуу бөлүм башчысына эмгек акысын эсептөөдө эселөө коэффициенти 20%га жогору коюлгандыгынын натыйжасында **6,7 миң сомго** эмгек акы ашыкча төлөнгөн.

- "Билим берүү системасынын педагогикалык жана айрым категориялардагы кызматкерлерине эмгек акы төлөө жөнүндө" жобонун талаптары аткарылбастан ***№31 кесиптик лицейинде*** - 23,8 миң сом (педагогикалык стаж), ***№ 63*** - 16,5 миң сом (педагогикалык стаж), ***№115*** -

86,3 миң сом (педагогикалык стаж, ашыкча саат, эселөө коэффициент), ***№39*** - 7,5 миң сом (үстөк акы), ***№73*** - 14,3 миң сом (окутулбаган саат үчүн) жана ***№33*** - 3,2 миң сом эселөө коэффициенти, жалпы 6 кесиптик лицейинде **151,6 миң сомго** эмгек акыга ашыкча төлөөлөр аныкталган, анын ичинен 148,4 миң сому ордуна коюлууга тийиштүү, аудит учурунда 134,1 миң сом республикалык бюджетке ордуна коюлган, калдыгы 14,3 миң сом.

- "Билим берүү системасынын педагогикалык жана айрым категориялардагы кызматкерлерине эмгек акы төлөө жөнүндө" жобонун 8, 9 жана 11-пункттарынын талаптары сакталбастан кээ бир мугалимдерине жана устаттарына педагогикалык стажы үчүн үстөк акылар өз учурунда эсептелген эмес. Мисалы, жобонун талаптары 2022-жылдын 1-апрелинен күчүнө киргендигине карабастан ***№12 кесиптик лицей*** боюнча 38,7 миң сом, ***№62*** - 28,4 миң сом, ***№59*** *- 23,1 миң сом* өлчөмүндө үстөк акы чегерилбей калган;
- "Билим берүү системасынын педагогикалык жана айрым категориялардагы кызматкерлерине эмгек акы төлөө жөнүндө" жобонун 17 жана 28-пунктарында белгиленген эмгек акы төлөөдөгү жогорулатуулар так аткарылган эмес.

Тактап айтканда, көпчүлүк кесиптик лицейлеринде, аталган токтомдун 17 жана 28-пунктарында белгиленген пайыздык жогорулатуулар, эселөө коэффициенттери тийиштүү пайыздык коэффициентке жогорулатуу менен эсептелбестен, тарифтик ставканын (оклад) тийиштүү пайызы өзүнчө эсептелип, эмгек акынын ставкасына кошуу менен бир айлык эмгек акы эсептелген. Мындай жол менен эсептегенде, бийик тоолуу жана алыскы зоналарда жайгашкан билим берүү уюмдарында иштегендиги үчүн төлөнүүчү ар айлык үстөк акыларга жана педагогикалык иштери үчүн төлөнүүчү үстөк акыларга, жогоруда белгиленген кошумча пайыздар эсептелбей калат жана кем төлөөлөргө жол берилет.

Аудит учурунда, № 8 кесиптик лицейинде - 435,1 миң сом, №21 - 371,7 миң сом, №31 - 420,1 миң сом, №33 - 205,3 миң сом, №34 - 581,4 миң сом, №36 - 93,1 миң сом, №45 - 491,6 миң сом, №46 - 797,4 миң сом, №48 - 417,8 миң сом, №53 - 87,9 миң сом, №57 - 87,5 миң сом, №60 - 149,3 миң сом, №63 - 80,1 миң сом, №68 - 160,3 миң сом, №69-140,4 мин сом, №72 - 241,9 миң сом, №75 - 510,6 миң сом, №76 - 339,2 миң сом, №77 - 135,4 мин сом, №89 - 133,0 миң сом, №111 - 222,1 миң сом, №115 - 353,1 миң сом, жалпы 22 кесиптик лицейлеринде **6 454,3 миң сомдук** кем төлөөлөр аныкталган.

- ***№13 кесиптик лицейинде*** мурдагы башкы бухгалтер Т. Калыбаевдин эсебине 37,2 миң сом акча каражаты негизсиз которулган. Мурдагы башкы бухгалтер Т. Калыбаевдин өзүнүн эсебине негизсиз которгон 37,2 миң сом акча каражаттары аудиттин жүрүшүндө калыбына келтирилген.

**Сунуштама:**

1. *Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы № 181 "Билим берүү системасынын педагогикалык жана айрым категориялардагы кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө"* токтомунун төмөндөгү көрсөтүлгөн

талаптарын бузууга жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын:

- токтом менен бекитилген, “Билим берүү системасынын педагогикалык жана айрым категориялардагы кызматкерлерине эмгек акы төлөө жөнүндө” жобонун 26-пунктунун талаптары сакталбастан *№12, 113, 16, 22, 18, 23, 14, 4, 69, 39, 57 жана 72 кесиптик лицейлеринде* окуу жүктөмдөрүн бекитүүдө, атайын каражаттардын эсебинен белгиленген ченемдерден ашыкча окуу жүктөмдөрү үчүн 1 365,2 миң сом маяна чегерүү жана Социалдык фондго 92,6 миң сомго (17,25%) камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөп бергендиги үчүн*;*

-“Билим берүү системасынын педагогикалык жана айрым категориялардагы кызматкерлерине эмгек акы төлөө жөнүндө” жобонун 19-пунктунун талаптары сакталбастан, *№2 кесиптик лицейинде* орус тили жана адабияты мугалимдеринин ставкасына белгиленген эмгек акысына 15% пайыз кошумча төлөм 52,2 миң сом чегерүү жана Социалдык фондго 9,0 миң сомго (17,25%) камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөп бергендиги үчүн;

-токтомдун 10 жана 20-тиркемесинде белгиленген талаптары сакталбастан тарифдик ставкаларына эселөө коэффициентинин туура эмес коюлгандыктан *№62 кесиптик лицейинде* 27,4 миң сом өлчөмүндө ашыкча эмгек акы (Социалдык фондго 4,7 миң сомго (17,25%) камсыздандыруу төгүмдөрү), *№87 кесиптик лицейинде* - 60,7 миң сомго жана *№ 18 кесиптик лицейинде* - 6,7 миң сомго ашыкча эмгек акы төлөп бергендиги үчүн;

- “Билим берүү системасынын педагогикалык жана айрым категориялардагы кызматкерлерине эмгек акы төлөө жөнүндө” жобонун талаптары аткарылбастан *№31 кесиптик лицейинде* - 23,8 миң сом, *№ 63* - 16,5 миң сом, *№115* - 86,3 миң сом, *№39* - 7,5 миң сом, *№73* - 14,3 миң сом жана *№33* - 3,2 миң сом, жалпы 6 кесиптик лицейинде 151,6 миң сомго эмгек акыга ашыкча төлөп бергендиги үчүн.

2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы № 181 токтому менен бекитилген, “Билим берүү системасынын педагогикалык жана айрым категориялардагы кызматкерлерине эмгек акы төлөө жөнүндө” жобонун 8, 9 жана 11-пункттарынын талаптарына ылайык *№12, 62 жана 59 кесиптик лицейлеринде* мугалимдердин жана устаттардын педагогикалык стажы үчүн үстөк акылардын туура коюлушу каралсын, керек учурда кайра эсептелип төлөнүп берилсин.

3. *№ 8, 21,31 33,34, 36, 45, 46, 48 , 53, 57, 60, 63, 68, 69, 72, 75, 76, 77, 89, 111 жана115 кесиптик лицейлеринде* кызматкерлерге эмгек акы эсептөөдө, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы № 181 токтому менен бекитилген, “Билим берүү системасынын педагогикалык жана айрым категориялардагы кызматкерлерине эмгек акы төлөө жөнүндө” жобонун 17 жана 28-пунктарында белгиленген эмгек акыга болгон жогорулатуулар, эселөө коэффициенттерин тийиштүү пайыздык коэффициентке жогорулатуу менен эсептелинсин.

**Аныкталды жана корутунду:**

***№2 кесиптик лицейинде*** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 14-мартындагы №135 токтому менен бекитилген, “Коштоп иштегендердин эмгегин жөнгө салуунун өзгөчөлүктөрү жөнүндө” жобонун 6-пунктун сактабастан, 2 кызматкерге коштоп аткарылган иши үчүн ар бирине 0,4 штаттык бирдиктен ашык берилип, жалпысы **55,2 миң сом** төлөнүп берилген жана Социалдык фондго **9,5 миң сомго** (17,25%) төгүмдөрү чегерилген.

**Сунуштама:**

*№2 кесиптик лицейинде* Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 14-мартындагы №135 токтому менен бекитилген, “Коштоп иштегендердин эмгегин жөнгө салуунун өзгөчөлүктөрү жөнүндө” жобонун 6-пунктун сактабастан, кызматкерлерге коштоп аткарылган иши үчүн 55,2 миң сом төлөп берүүгө жана Социалдык фондго 9,5 миң сомго (17,25%) төгүмдөрүн чегерүүгө жол берген кызмат адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 97-беренесине ылайык, *түнкү убактагы жумуш деп кечки 22 сааттан эртең мененки саат 6га чейинки мезгил эсептелет,* ал эми 169-беренесине ылайык, *түнкү убактагы жумуштун ар бир саатына эмгек акы жогорулатылган өлчөмдө, бирок бир жарым эседен кем эмес төлөнөт.* ***№12, 113, 16, 62 жана 59-кесиптик лицейлеринде*** кароолчуларга жана жатакана боюнча нөөмөтчүгө аудит мезгил аралыгында түнкү убактагы 8 сааттык жумуш ордуна жумуштун 24 сааттык күндүзгү жана түнкү мезгилдерин камтып, 50% өлчөмүндө жогорулатылган эмгек акылары эсеп менен **836,6 миң сом** суммасында ашыкча төлөнүп берилген, Социалдык фондго **144,3 миң сомго** (17,25%) төгүмдөрү чегерилген.

**Сунуштама:**

*№ 12, 113, 16, 62 жана 59 кесиптик лицейлеринде* Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 97 жана 169-беренелеринин талаптарын сактабастан, түнкү убактагы жумуш үчүн жогорулатылган 836,6 миң сомго эмгек акы төлөп берген жана Социалдык фондго 144,3 миң сомго (17,25%) төгүмдөрүн чегерүүгө жол берген кызмат адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 5-мартындагы №72 токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги жөнүндө” жобонун 11-пунктуна ылайык, ведомстволук билим берүү уюмдарынын түзүмү жана штаттык ырааттамалары Билим берүү жана илим министрлигинин укуктары болуп саналат. Иш жүзүндө ***№ 97, 2 жана 22 кесиптик лицейлеринин*** түзүмдөрү жана штаттык ырааттамалары директорлор тарабынан бекитилген.

**Сунуштама:**

*№ 97, 2 жана 22 кесиптик лицейлеринин* түзүмдөрү жана штаттык ырааттамалары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын

5-мартындагы №72 токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги жөнүндө” жобонун 11-пунктуна ылайык, Министрлик тарабынан бекитилип берилсин.

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 29-майындагы № 300 токтому менен бекитилген, башталгыч кесиптик билим берүүнүн билим берүү уюмдарынын типтүү штаттарынын талаптары сакталбастан ***№2 кесиптик лицейинде*** жалпы 5,0 бирдик, ***№114*** **-** 0,5 бирдик, ***№100*** **–** 3,0, ***№8*** **-** 1,2, ***№45*** - 0,5***, №53 – 2,0, №57*** - 1,5 жана ***№65 кесиптик лицейинде*** *–3,5* бирдик ашыкча штаттык ыраттамага киргизилген, аудит мезгил аралыгында аларга жалпы **1 224,8 миң сомго** эмгек акы жана **68,1 миң сомго** Социалдык фондго төгүмдөр (17,25%) чегерилген.

Ошондой эле, ***№100 кесиптик лицейинде*** типтүү штаттарынын 1-бөлүгүнүн 4-пунктун бузуу менен, врач-педиатордун ордуна врач-стоматолог иштеп келет.

**Сунуштама:**

- *№2, 114, 100, 8, 45, 53, 57, 65 кесиптик лицейлеринде* штаттык бирдиктер Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 29-майындагы № 300 токтому менен бекитилген, башталгыч кесиптик билим берүүнүн билим берүү уюмдарынын типтүү штаттарына ылайык келтирилсин;
- Штаттык ыраттамаларды түзүүдө ашыкча штаттык бирдиктерди киргизүүгө жол берген кызмат адамдардын жоопкерчилиги каралсын;
- №100 кесиптик лицейинде каралган врач-педиатордун ордуна врач-стоматологдун иштөөсү, типтүү штаттарына ылайык келүүсү каралсын.

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 токтому менен бекитилген, “Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө” жобонун жана Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегинин талаптарын сактабастан, 2022-жылдын 1-августунан компьютерде иштегени үчүн өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегинен алынганына карабастан жана жумуш орундарын аттестациялоосуз ***№43 кесиптик лицейинде*** - 28,1 миң сомго, ***№48*** **- 15,4 миң сомго** (анын ичинен ордуна коюлууга тийиш 10,6 миң сом суммасы аудит учурунда мекемеге калыбына келтирилген), ***№34*** **-143,9 миң сомго жана *№7 кесиптик лицейинде* - 125,5 миң сомго** (2022-жылдын август айынан токтотулган) кошумча төлөмдөр жүргүзүлгөн.

**Сунуштама:**

*№43, 48, 34 жана 7 кесиптик лицейлеринде* Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 токтомуна ылайык, жумуш орундарын аттестациялоосуз жана типтүү тизмегине кирбеген оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү төлөө токтотулсун.

**Аныкталды жана корутунду:**

*Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө” Мыйзамынын 2-беренесинин талаптары аткарылбастан:*

-***№8 кесиптик лицейинде*** эмгек келишими менен иштеген кызматкерлерге төлөнгөн эмгек акыдан киреше салыгы **12,2 миң сомго** жана Социалдык фондго **13,5 миң сомго** (10 %) камсыздандыруу төгүмдөрү кармалган эмес. Аудиттин жүрүшүндө 2023-жылдын 29-ноябрындагы № 43,44,45 төлөө тапшырмаларынын негизинде 25,7 миң сом тиешелүү бюджеттерге которулуп, ордуна коюлган;

-***№52 кесиптик лицейинде*** атайын эсептин каражаттарынан берилген эмгек акылардан **8,3 миң сомго** Социалдык фондго камсыздандыруу төгүмдөрү (8%) кармалган эмес.

**Сунуштама:**

*№52 кесиптик лицейинде* атайын эсептин каражаттарынан берилген эмгек акылардан Социалдык фондго 8,3 миң сомдук камсыздандыруу төгүмдөрү кармалып, Социалдык фондунун бюджетине которулсун.

**Аныкталды жана корутунду:**

***№114 жана 106 кесиптик лицейлеринде*** “Кыргызстан” АКБы тарабынан 10% өлчөмүндө ар бир окуучунун стипендиясынан тейлөө үчүн ай сайын 30 сомдон кармалып келген, ал 2022-жылы 9,4 миң сом жана 14,8 миң сомду түзгөн.

***№26 кесиптик лицейинде*** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2005-жылдын 27-июнундагы №261 “Кыргыз Республикасындагы башталгыч, орто жана кесиптик жогорку билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү уюмдарынын студенттерине стипендиянын өлчөмүн белгилөө жөнүндө” токтомунун 1-пунктунун талаптарына шайкеш келбестен, “3” (үч) деген баага окуган окуучуларга 2022-жылы **145,0 миң сом** өлчөмүндө стипендия төлөнүп берилген.

**Сунуштама:**

- *№114 жана 106 кесиптик лицейлеринде* “Кыргызстан” АКБы менен бирдикте окуучулардын стипендиясын толугу менен төлөп берүү жагы сүйлөшүлүп келишим түрүндө каралсын;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2005-жылдын 27-июнундагы №261 “Кыргыз Республикасындагы башталгыч, орто жана кесиптик жогорку билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү уюмдарынын студенттерине стипендиянын өлчөмүн белгилөө жөнүндө” токтомунун 1-пунктун талаптарын сактабастан, “3” (үч) деген баага окуган студенттерге 2022-жылы 145,0 миң сом өлчөмүндө стипендия төлөп берүүгө жол берген *№26 кесиптик лицейинин* кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 “Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө” токтому менен бекитилген ченемдер сакталбастан, ***№71 кесиптик лицейинде*** - 7,8 миң сомго, ***№115*** - 4,0 миң

сомго, ***№70*** - 9,9 миң сомго жана ***№87*** - **6,6** миң сомго ашыкча сапар чыгымдарын төлөөлөргө жол берилген, жалпысы **28,3 миң сом**. Анын ичинен **13,9 миң сом** аудит учурунда бюджетке калыбына келтирилген, калдыгы **14,4 миң сом.**

**Сунуштама:**

- Командировкалык чыгымдарын төлөөдө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 “Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө” токтому менен бекитилген ченемдер так сакталсын;

- 7,8 жана 6,6 миң сомго ашыкча төлөнгөн командировкалык чыгымдар *№71* жана *87 кесиптик лицейлеринин* тийиштүү кызматкерлеринен өндүрүлүп, республикалык бюджетке ордуна коюлсун.

- ***№44 кесиптик лицейинде*** эмгек акы беренесин талдоодо 2022-жылдын 31-декабрына тапшырылган баланс менен 2022-жылдын декабрь айы үчүн эмгек акы китепчесинин ортосунда дебитордук карыздардан 20,9 миң сомго айырмачылык аныкталган, башкача айтканда, 2022-жылдын 31-декабрына тапшырылган балансында дебитордук карыз көрсөтүлгөн эмес, ал эми китепчеде 20,9 миң сомго дебитордук карыз көрсөтүлгөн. Жашырылган дебитордук карыз аудит учурунда бухгалтердик эсепте чагылдырылган.
- ***№94 жана №91 кесиптик лицейлеринде*** жатаканага жайгаштыруу акысы үчүн тиешелүү түрдө 146,8 миң сом жана 80,4 миң сом суммасында, жалпы 227,2 миң сом дебитордук карыз бухгалтердик эсепте чагылдырылган эмес.
- ***№ 63 кесиптик лицейинде*** “Базар-Коргон Таза-Суу” мамлекеттик ишканасынан болгон 15,4 миң сомдук дебитордук карыз бухгалтердик эсептен жашырылгандыгы аныкталган.
- ***№51 кесиптик лицейинде*** 5,0 миң сомго жашырылган дебитордук карыз аныкталган, аудит учурунда бухгалтердик эсепте чагылдырылган.
- ***№40 кесиптик лицейинде*** эмгек акы боюнча аванс катары берилген 20,7 миң сомго дебитордук карыз бухгалтердик эсепте көрсөтүлгөн эмес, аудит учурунда бухгалтердик эсепте чагылдырылган.
- ***№87 кесиптик лицейинде*** жабдуучу ЖИ К.Ажиев тарабынан жалпы суммасы 82,1 мин сомго азык-түлүк жеткирүү камсыздалган эмес, ал карыз бухгалтердик эсепте да көрсөтүлгөн эмес. (2024-жылдын 8-февралындагы №00038 дүмүрчөгү аркылуу калыбына келтирилген).
- ***№67 кесиптик лицейинде*** 2022-жылдын 31-декабрына карата эмгек акы беренеси боюнча атайын каражаттардын эсебинен кредитордук карыздардын жалпы суммасы 59,2 миң сомду түзгөн. 2022-жылдын 31-декабрына атайын каражаттардан калдык 58,8 миң сомду түзсө дагы, жогоруда көрсөтүлгөн карыз 2021-жылдан бери бүгүнкү күнгө чейин кызматкерлерге төлөнбөй келет.

**Сунуштама:**

- *№94 жана №91 кесиптик лицейлеринде* жатаканага жайгаштыруу акысы үчүн тиешелүү түрдө 146,8 миң сом жана 80,4 миң сом суммасында, жалпы 227,2 миң сом дебитордук карыз бухгалтердик эсепте чагылдырылсын;

- *№ 63 кесиптик лицейинде* "Базар-Коргон Таза-Суу" мамлекеттик ишканасынан болгон жашырылган 15,4 миң сомдук дебитордук карыз бухгалтердик эсепке коюлсун.

- *№67 кесиптик лицейинде* 2022-жылдын 31-декабрына карата атайын эсептин каражаттары боюнча 59,2 миң сомдук эмгек акыдан кредитордук карыз кызматкерлерге төлөнүп берилсин.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 16-апрелиндеги №102-т "2019-жылга Кыргыз Республикасынын бюджеттик мекеме-уюмдары үчүн электр, жылуулук энергиясын, жаратылыш газын, сууну керектөөнүн жана агынды сууларды чыгаруунун лимитин бекитүү жөнүндө" тескемесине ылайык, Башталгыч кесиптик билим берүү агенттигинин 2019-жылдын 3-июлундагы №1-97 "Башталгыч кесиптик билим берүү агенттигинин электр жана жылуулук энергияларын колдонуунун 2019-жылга карата лимити жөнүндөгү" буйругу чыгарылып, 2019-жылга карата кесиптик лицейлерине лимиттер коюлган.

Көрсөтүлгөн тескемеде Кыргыз Республикасынын Өнөр жай, энергетика жана жер казынасын пайдалануу мамлекеттик комитетинин алдындагы Энергетика жана экономика илим изилдөө институтуна кийинки жылдарда электр жана жылуулук энергиясын, жаратылыш газын керектөөнүн ишенимдүү көлөмүн аныктоо максатында 2019-2020-жылдарда бюджеттик керектөөчүлөрдү энергетикалык изилдөөнү улантуу боюнча буйрук берилген.

Кийинки 2020-2022 жылдарга Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бюджеттик мекеме-уюмдары үчүн лимиттер бекитилип берилген эмес.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 5-апрелиндеги № 158-т тескемеси менен, Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлиги Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги менен биргеликте энергетикалык изилдөөлөрдүн жүрүшүндө "Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Энергетика жана экономика илимий-изилдөө институту" мекемеси тарабынан алынган энергия ресурстарын керектөө жөнүндө анык маалыматтардын негизинде республикалык бюджеттен каржылануучу бюджеттик уюмдардын, анын ичинен жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджеттик уюмдарынын жеке керектөөлөрүнө электр, жылуулук энергиясынын жана жаратылыш газынын лимиттерин туруктуу негизде бекитүү жөнүндө буйрук берилген.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 22-августундагы №576 токтому менен бекитилген, "Электр энергиясынын пайдалануу" эрежеси аткарылбагандыктан, керектелген электр энергиясы үчүн өз убагында

төлөнбөгөндүктөн айып пул (туум) берилип, ***№ 71,76 жана 33-кесиптик лицейлеринде*** жалпысы **12,9 миң сомго** бюджеттик жоготууларга учураган.

**Сунуштама:**

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети кийинки жылдарга Башталгыч кесиптик билим берүү системасына электр, жылуулук энергиясынын жана жаратылыш газынын бекитип берген лимиттерин сактоо жагы контролго алынсын;

- *Башталгыч кесиптик билим берүү мекемелеринде* керектелген электр энергиясы үчүн төлөмдөр өз убагында жүргүзүлүп, айып пул түрүндө бюджеттик жоготууларга жол берилбесин.

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген, "Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" нускаманын талаптарына ылайык келбестен, 2022-жылдын жыйынтыгы менен товардык-материалдык баалуулуктардын ашыкча запастарын **631,0 миң сомго** жана дебитордук карыздарды 820,9 **миң сомго** эсепке алуу жүргүзүлгөн эмес, анын ичинен:

| | **ТМБнын ашыкча запастары** | **Дебитордук карыздар** |
|---|---|---|
| **№62** | 30,8 | |
| **№59** | 177,6 | |
| **№2** | 125,8 | |
| **№4** | 79,0 | 19,1 |
| **№18** | 11,4 | 59,9 |
| **№65** | | 583,1 |
| **№6** | 62,8 | |
| **№41** | 17,9 | |
| **№110** | 41,9 | |
| **№26** | 83,8 | |
| **№14** | | 158,8 |
| **Бардыгы** | **631,0** | **820,9** |

**Сунуштама:**

-*Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине сунуштама:*

*№ 62,59,2,4,18,65,6,41,110,26,14 кесиптик лицейлеринде* 2022-жылдын жыйынтыгы боюнча товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастары 631,0 миң сомго жана дебитордук карыздар 820,9 миң сомго пайда болушунун себептерин талдоо жүргүзүлсүн. Жылдын аягында товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашыкча запастарынын жана дебитордук карыздардын пайда болушуна жол берилбесин;

-*Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине сунуштама:*

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3 ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген, "Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" нускамага ылайык, 2024-жылы *Башталгыч кесиптик билим берүү башкармалыгын* каржылоодо 2022-жылдын аягына карата 631,0 миң сомго товардык-материалдык баалуулуктардын ашыкча запастарын жана 820,9 миң сомго дебитордук карыздарды, аларды 2023-жылы өздөштүрүүсүн эске алуу менен эсепке алынсын.

**Аныкталды жана корутунду:**

***№16 кесиптик лицейдин*** жетекчилигинин демилгеси менен аудитке берилген материалдарга ылайык, лицейдин балансындагы "Чайка" жатаканасына Ош шаарынын аткаруу комитети тарабынан 1990-жылы болгон "Ош окуясына" байланыштуу "качкындар" катары убактылуу жашап туруу үчүн 72 үй-бүлө киргизилген.

Лицейдин директору тарабынан Ош шаарынын мэрлери Ж. Исаковго *(датасы, каттоо номери жок, мэрия тарабынан кабыл алынгандыгы белгисиз)* М. Ж. Мырзакматовго *(13.11.2010-ж. №75, мэрия тарабынан кабыл алынгандыгы белгисиз)* А. Кадырбаевге *(мэрия тарабынан кабыл алынгандыгы белгисиз)* жолдонгон кайрылууларында жатакананын бөлмөлөрүн жашоочуларга өткөрүп берүү мүмкүн эместиги, 1990-жылдан бери 58 үй-бүлө (250 киши) жашап жатышкандыгы, алар тараптан батир төлөмдөрү такай төлөнбөй жаткандыгы, качкындар катары киргизилген 71 үй-бүлөнүн ичинен 6 үй-бүлө калгандыгы, карыздардын суммасы 250,0 миңден ашкандыгы, өзүлөрү жашабастан "квартирант" киргизип койгондугу, кээ бирлери бири-бирине сатып кетишкендиги айтылган.

Аталган маселе боюнча аудитке Ош шаардык сотунун 2016-жылдын 15-январындагы доогер - №16 кесиптик лицейдин директору В. В. Гладковдун жоопкер О. Разакуловго карата бардык үй-бүлө мүчөлөрү менен "Чайка" жатаканасынын бөлмөлөрүнөн чыгаруу жөнүндөгү доо арызын карап, аны жарым-жартылай канааттандырган чечими, 2016-жылдын 25-майындагы Ош облустук сотунун жарандык иштер боюнча соттук коллегиясынын Ош шаардык сотунун 2016-жылдын 15-январындагы токтому бузулган жана Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Ош облустук сотунун жарандык иштер боюнча соттук коллегиясынын токтому күчүндө калтырган 2016-жылдын 1-декабрындагы токтому берилип, анда соттук териштирүүлөр жашоочулардын пайдасына чечилген.

2022-жылдын 1-январына карата жашоочулардын батир төлөмдөрүнөн болгон карызы 10,3 миң сомду түзсө, 2022-жылдын 31-декабрына карата 32,6 миң сом. Ал эми 2024-жылдын 1-мартына карызы 152,4 миң сом.

№16 кесиптик лицейдин азыркы жетекчилигинин билдирүүсү боюнча, бир нече жолу жашоочулар менен жатакананы бошотуу маселеси боюнча чогулуш өткөрүлүп, алар өз жыйынтыгын берген эмес. Жашоочулар

мурдагыдай эле каршы пикирин билдирип, жатакананы бошотууга макул эмес.

***№30 кесиптик лицейдин*** балансындагы Достук айылында жайгашкан ОША-60 барак тибиндеги алты окуу корпусу жана бир мончосу максатсыз пайдаланылат, б.а. бүгүнкү күндө аталган имараттарда 20 үй-бүлө баскынчылык менен жашап келет.

**Сунуштама:**

-*№16 кесиптик лицейинде* “Чайка” жатаканасын 1990-жылдан бери убактылуу жашап жаткан жашоочулардын жана *№30 кесиптик лицейдин* балансындагы Достук айылында жайгашкан ОША-60 барак тибиндеги алты окуу корпусунда жашап жаткан 20 үй-бүлө боюнча маселени чечүү максатында мыйзам ченемдүү иш чаралар уюштурулсун, тиешелүү мамлекеттик жана жергиликтүү бийлик органдары менен иш алып барылсын;

-*№30 кесиптик лицейдин* балансындагы максатсыз пайдаланылып жаткан мончо боюнча маселе каралып, тийиштүү чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду:**

***№62 кесиптик лицейдин*** балансында 1984-жылы эксплуатацияга берилген баланстык баасы 0,0 миң сом болгон 2 үй бар. Үйлөр жеңил конструкциядан куралып (финн үйү), лицейдин короосуна жанаша жер тилкесинде жайгашкан. Жеринде таанышууга барган учурда 1 үй авариялык абалда экендиги, ал эми экинчи үйдүн ортоңку бөлүгү бузулуп, аталган үйлөр жайгашкан жер тилкесине жаңы салынган үйгө кирүүчү жол болуп калгандыгы аныкталган. Жаңы салынган үй мурда директордун окуу-өндүрүш жана методикалык жумуш боюнча орун басары болуп иштеген А.А. Кайкыевге тиешелүү болуп, мында ал лицейдин балансындагы авариялык абалдагы үйдү лицейдин макулдугусуз бузуп, андан сырткары лицейдин үйлөрү жайгашкан жер тилкесине өзүм билемдик менен тургузгандыгы аныкталган.

Үйдү салууга негиз катары А. А. Кайкыев тарабынан кыймылсыз мүлккө укуктардын бирдиктүү реестринен көчүрмөнүн (выписка) ксерокөчүрмөсү көрсөтүлүп, анда Өзгөн району, Эски Покровка айылы, О. Акматов көчөсү, №34 дарегинде жайгашкан (идентификациялык коду №5-06-12-1009-0230) жеке менчик үйдүн ээси Кайкыев Анварбек Абдимиталипович экендиги жана бул үй жалпы биргелешкен мүлк болуп, жергиликтүү органдын 2004-жылдын 30-январындагы №24 токтому менен аныкталгандыгы жана каттоодон 2004-жылдын 25-майында өткөндүгү белгиленген. Көчүрмөнүн аныктыгын аудит учурунда тактоо мүмкүн болгон жок.

**Сунуштама:**

*№62 кесиптик лицейдин* балансында турган жеңил конструкциядан куралган (финн үйү) үйлөрдү кайтарып алуу, келтирилген зыяндын ордун толуктоо багытында жана үй жеке менчикке кандай жагдайда өткөндүгүн тактоо үчүн? тиешелүү мамлекеттик жана жергиликтүү органдар менен иш алып барылсын.

**Аныкталды жана корутунду:**

***№102 кесиптик лицейинде*** студенттерди окутууга арналган жалпы аянты 94,0 га болгон айыл чарба жери 2022-жылдын ноябрь айында балланска алынган, визуалдык текшерүүдө жер кароосуз абалда калып, кар басып жаткан.

**Сунуштама:**

*№102 кесиптик лицейиндеги* аянты 94,0 га болгон айыл чарба багытындагы жерди максатына ылайык пайдаланышы камсыздалынсын.

**Аныкталды жана корутунду:**

***№87 кесиптик лицейинде*** айрым негизги каражаттардын (ширетүүчү устакана, гараж, жатакана, өнөркана, трактор МТЗ-80, прицеп МТЗ-80, ротордук чөп чапкыч, үрөн сепкич, тырмоок) ырастоочу баштапкы техникалык жана башка документтеринин (автоунаанын техпаспорту, курулган объекттер боюнча техпаспорт, жерлер боюнча мамлекеттик акт) жоктугу аныкталган.

**Сунуштама:**

*№87 кесиптик лицейинде* негизги каражаттардын жетишпеген ырастоочу баштапкы техникалык жана башка документтерин толуктоо боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду:**

М.Жусупов атындагы билим берүү орто мектебинин балансында турган МТЗ-80 трактору прицеби менен Боз-Учук айыл аймагынын айылдык Кеңеши бекиткен, 2020-жылдын 12-майындагы №10 “Муниципалдык менчикте турган негизги каражаттарды эсептен чыгаруу жөнүндөгү жана муниципалдык менчикте турган транспорт каражаттарын сатуунун тартиби жөнүндөгү” жобонун талаптарын сактабастан, 45,0 миң сомго мектеп жетекчилиги тарабынан сатылган.

**Сунуштама:**

М.Жусупов атындагы билим берүү орто мектебинин жетекчилиги тарабынан, Боз-Учук айыл аймагынын айылдык кеңеши бекиткен 2020-жылдын 12-майындагы №10 “Муниципалдык менчикте турган негизги каражаттарды эсептен чыгаруу жөнүндөгү жана муниципалдык менчикте турган транспорт каражаттарын сатуунун тартиби жөнүндөгү” жобонун талаптарын сактабастан, сатылган МТЗ-80 трактору прицеби менен ордуна коюлсун.

**Аныкталды жана корутунду:**

***№26 кесиптик лицейинде*** баланстык баасы 35,0 миң сомдон турган 2 (эки) баш жылкысын түн ичинде оор жүк ташуучу автоунаа сүзүп кетип, жыйынтыгында жылкылар өлүп, күнөөлүү адамдар тарабынан 1 (бир) баш жылкы ордуна коюлуп, 1 (бир) баш жылкы ордуна коюлбастан эсептен негизсиз чыгышталган.

**Сунуштама:**

*№26 кесиптик лицейинде* негизсиз эсептен чыгышталган баланстык баасы 35,0 миң сомдук 1 (бир) баш жылкы күнөөлүү адамдар тарабынан ордуна коюлсун.

**Аныкталды жана корутунду:**

*Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын талаптарын бузуулар жана дал келбестиктер:*

- Мыйзамдын талаптарын сактабастан сатып алуулар жол-жоболору өткөрүлбөстөн ***№29 кесиптик лицейинде -*** *377,2 миң сомго****, №44 -*** *54,2 миң сомго****, №109 -*** *738,6 миң сомго****, №81 -*** *140,2 миң сомго,* ***№85 -*** *136,3 миң сомго,* ***№26 -*** 143,2 миң сомго жана ***№32 -***72,0 миң сомго сатып алуулар жүргүзүлгөн.
- ***№67 жана № 18 кесиптик лицейлеринде*** Мыйзамдын эски редакциясынын 52-беренесинин жана жаңы редакциясынын 50-беренесинин талаптарын сактабастан, 2022-жылы айрым конкурстар боюнча контрактын наркынан 10%га чейин өлчөмүндө контрактты аткарууну кепилдик камсыздоосу алынган эмес.
- ***№18 жана №90 кесиптик лицейинде*** Мыйзамынын 21-беренесинин 1-пунктунун (эски редакциясы) талаптарын сактабастан, түз келишим түзүү усулу менен сатып алууларды жүргүзүүдө, товарларга мониторинг жүргүзүлгөн эмес.
- Мыйзамдын 10-беренесинин 4-пунктунун талаптары сакталбастан, ***№ 109 кесиптик лицейинде*** ырастоочу сертификаты бар, сатып алуулар боюнча адиси жок.
- ***№41 кесиптик лицейинде*** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2022-жылдын 17-майындагы № 85-б буйругу менен бекитилген, Электрондук мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүнүн тартибинин 42-пунктуна ылайык келбестен, мамлекеттик сатып алуулардын электрондук порталында котировкаларды суроо ыкмасы менен, спорттук шаймандарды сатып алууга жайгаштырылган №220617334978939 кулактандырууда сатылып алынып жаткан спорттук шаймандардын фирмалык аталыштары көрсөтүлгөн. Жыйынтыгында, 149,9 миң сомго баалоонун бардык критерийлерине жооп берген жеңүүчү деп ЖИ Эсенбекова таанылган.

**Сунуштама:**

Мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдө Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын талаптары так сакталсын жана *№18, 26, 29, 32, 41, 44, 67, 81, 85, 90* жана *109 кесиптик лицейлеринде* мамлекеттик сатып алууларда бузууларга жол берген тиешелүү кызмат адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду:**

***№3 кесиптик лицейинде*** аткарылган оңдоо боюнча иштердин көлөмү **21,9 миң сомго** жогорулатылган.

**Сунуштама:**

*№3 кесиптик лицейинде* аткарылган оңдоо боюнча иштердин 21,9 миң сомго жогорулатылган көлөмү подрядчынын эсебинен ордуна коюлсун.

**Аныкталды жана корутунду:**

***№18 кесиптик лицейинде*** окуу өндүрүш комплексинин кызмат көрсөтүү бааларына калькуляция жасалып, баалардын прейскуранты түзүлгөн эмес. Оңдоого келген жеңил автоунааларды алдын ала карап, дефектик актылар түзүлбөй келет. Оңдоо кызматы канча болгонун билүү мүмкүн эмес. Кызмат көрсөтүүлөр ооз эки окуу өндүруш комплексинин башчысы аркылуу сүйлөшүлүп, акчасы кассага айдын акырында комплекстин башкаруучусу аркылуу төлөнүп турат. Окуу өндүрүш комплексинин жетекчилиги иш жүзүндө комплексти үчүнчү жактарга ижарага берип коюшкан. Жеңил автоунааны техникалык тейлеген жана оңдогон усталар эч кандай келишимсиз өздөрү үчүн патент алып алышып, окуу өндүрүш комплексинин жабдууларын, имаратын колдонушкан.

Окуу өндүрүш комплекси башкаруучу, башкы бухгалтер, чарба башчысы, механик, электрик-сантехник жана бөлмөлөрдү тазалоочу болгон 6 штаттык бирдиктен турат. Көрүнүп тургандай, окуу өндүрүш комплексинин негизги максаты - жеңил автомашиналарды техникалык тейлөө жана оңдоо болгондуктан, штаттык бирдикте бир дагы жеңил автомашина тейлеген же оңдогон мастер жок.

Натыйжада, окуу өндүрүш комплекси өзүнүн негизги максатына жетпестен, кымбат баага сатылып алынган жабдуулар натыйжалуу пайдаланылган эмес.

**Сунуштама:**

*№18 кесиптик лицейинде* кызмат көрсөтүү бааларына калькуляция жасоо, баалардын прейскурантын түзүү, автомобиль оңдоочу усталарды штатка киргизүү, штаттык бирдикти ирээтке келтирүү жана кымбат баага сатылып алынган жабдууларды максатына ылайык пайдалануу камсыздалсын, ошондой эле окуу өндүрүш комплекси өзүнүн негизги максатына ылайык иштетилбегендиктен, лицейдин жетекчисинин жана жооптуу кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

*Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137 буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү жөнүндө" жобонун талаптарын бузуулар жана дал келбестиктер:*

- ***№102 кесиптик лицейинде*** 238,5 миң сом суммасындагы уурдалган негизги каражаттарды эсепке алууда, алар боюнча 112,8 миң сом өлчөмүндө амортизация негизсиз эсептелген.
- Жүргүзүлгөн инвентаризациялардын жыйынтыгында, жобонун 182-192-пункттарында каралаган талаптар аткарылбастан:

-***№68 кесиптик лицейине*** №1 кесиптик лицейинен өткөрүлүп берилген 3 412,1 миң сомдук эмерек жана техникалык жабдуулар, унаалар

жана 95,6 миң сомдук китептер, жалпы 3 507,7 миң сомдук материалдык баалуулуктар бухгалтердик эсеп боюнча кириштелген эмес;

-***№52 кесиптик лицейинде*** 300,0 миң сомдук негизги каражаттар (180,0 миң сомдук ГАЗ-53 автомашинасы, 120,0 миң сомдук ДЕО-Тико жеңил автомашинасы) бухгалтердик баланска алынган эмес;

-***№65 кесиптик лицейинде*** 176,0 миң сомдук ДЭУ ЛАНОС үлгүсүндөгү жеңил автомашинасы бухгалтердик эсепке кириштелип, бирок баланска алынган эмес;

- ***№26 кесиптик лицейинде*** 991,9 миң сомдук ашкана буюмдары лицейдин балансына алынган эмес.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" жобонун 182-192-пункттарына ылайык аудиттин жыйынтыгында белгиленген *№68 кесиптик лицейиндеги* 3 507,7 миң сомдук материалдык баалуулуктар, *№52 кесиптик лицейиндеги* 300,0 миң сомдук негизги каражаттар, *№65 кесиптик лицейиндеги* 176,0 миң сомдук ДЭУ ЛАНОС үлгүсүндөгү жеңил автомашинасы жана *№26 кесиптик лицейинде* 991,9 миң сомдук ашкана буюмдары тийиштүү тартипте лицейлердин балансына алынсын.

**Аныкталды жана корутунду:**

- ***№113 кесиптик лицейинде*** 2022-жылга бюджеттик чыгымдардын сметасын аткаруу жөнүндө отчетко (Ф. №2) ылайык, "Эмгек акы" беренеси боюнча анык чыгым 9 372,0 миң сом болсо, ошол эле учурда кызматкерлерине эмгек акысын чегерүү жана төлөө боюнча маалыматка ылайык, ал 9 479,9 миң сомду түзүп, ортодогу айырма 107,9 миң сомго барабар болгон. Ушундай эле, атайын каражаттар боюнча отчетто (Ф. № 4) анык чыгым, чегерилген эмгек акыдан 6,0 миң сомго көп көрсөтүлгөн.
- ***№81 кесиптик лицейинде*** аудитке берилген отчетуна ылайык, 2022-жылдын жеке киреше салыгынын отчетторунда, салыштыруу актысында кредитордук карыз чыккан эмес, ошол эле учурда, атайын эсептин баланстын кредитордук карыздар формасында 21,8 миң сом көрсөтүлгөн.

**Сунуштама:**

- *№113 кесиптик лицейинде* 2022-жылга бюджеттик чыгымдардын сметасын аткаруу жөнүндө отчет менен эмгек акысын чегерүү жана төлөө боюнча маалыматтын ортосундагы айырмачылыктар такталып, тийиштүү оңдоп-түзөөлөр жүргүзүлсүн.

- *№81 кесиптик лицейинде* балансстагы берилген кредитордук карыздар формасы менен жеке киреше салыгынын салыштыруу актысынын ортосундагы айырма такталып, тийиштүү оңдоп-түзөөлөр жүргүзүлсүн.

***Орто жана жогорку кесиптик билим берүү уюмдары боюнча***

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 1-июлундагы №370 токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын кесиптик жогорку билим берүү уюмдарын мамлекеттик билим берүү грантынын өлчөмдөрүнүн негизинде республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен каржылоонун тартибинин 8-пунктуна ылайык, ар бир студенттин (бюджеттик) санына, адистигине жана башка критерийлерине жараша бюджеттери эсептелинип бекитилген эмес. 2022-жыл мезгил аралыгында бюджеттик грант эсебинен 2 603 студентти окутуу үчүн кеткен эмгек акыдан жана Социалдык фондго болгон чегерүүдөн сырткары, башка чыгымдарына бюджеттен **30 112,4 миң сомго** аз каржыланган, анын ичинен: ***Ош мамлекеттик университетинде*** - 6 241,1 миң сом, ***Б. Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университетинде*** - 3 402,2 миң сом, ***Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинде*** - 3 710,3 миң сом, ***Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинде*** - 16 158,8 миң сом жана ***И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинде*** - 600,0 миң сом.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 10-майындагы №231 "Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин башталгыч жана орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү уюмдарын жана Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүү уюмдарын каржылоо тартиби жөнүндө" токтому менен бекитилген, Мамлекеттик билим берүү грантынын негизинде Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүү уюмдарын каржылоо тартибинин 7-пунктунун негизинде жогорку кесиптик билим берүүнүн уюмдарында бюджеттик каражаттарды түзүү жана бөлүштүрүү жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 131-беренесинин 2-пунктун сактабастан, ***Ысык-Көл индустриялык-педагогикалык колледжине караштуу "Окуу-өндүрүштүк комплекси" мекемесинде*** бирдиктүү казыналык эсептен тышкары 1 046,0 миң сомго түшкөн кирешелер пайдаланылган.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 131-беренесинин 2-пунктуна ылайык, *Ысык-Көл индустриялык-педагогикалык колледжине караштуу "Окуу-өндүрүштүк комплекси" мекемеси* боюнча бирдиктүү казыналык эсептен тышкары 1 046,0 миң сомго пайдаланылган кирешелер республикалык бюджеттин кирешесине которулсун.

**Аныкталды жана корутунду:**

Аудит жүргүзүлгөн мезгил ичинде, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-июнундагы № 355 токтому менен бекитилген, "Кыргыз Республикасынын жогорку жана кесиптик орто билим берүүчү билим берүү уюмдарынын мамлекеттик билим берүү гранттары жана бюджеттик орундары жөнүндө" жобосунун 16-пунктуна ылайык, 2021-2022-

окуу жылынын экинчи жарым жылдыгында жана 2022-2023-окуу жылынын биринчи жарым жылдыгында Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүү уюмдарында бюджеттик негизде окуган, бирок ар түрдүү жана жүйөсүз себептерден окуусунан четтетилген студенттерге 25 967,4 миң сом өлчөмүндө бюджеттик каражаттар сарпталган, мындан 1 716,8 миң сом студенттерден кайра кайтарылып, республикалык бюджетке которулган, ал эми калган акча каражаты **27 798,7 миң сомду** түзгөн, анын ичинен: ***Ош мамлекеттик университети*** боюнча -731,1 миң сом, ***Б. Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университети*** - 259,3 миң сом, ***Академик К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университети*** - 1 165,6 миң сом, ***А. Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университети*** - 413,9 миң сом, ***Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети*** - 3 568,5 миң сом, ***Ош технологиялык университети*** - 3 563,6 миң сом, ***К. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университети*** - 1 612,8 миң сом, ***Б. Турусбеков атындагы Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясы*** - 6 173,3 миң сом, ***К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети*** - 1 575,8 миң сом, ***Талас мамлекеттик университети*** - 182,5 миң сом, ***С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университети*** - 1 445,3 миң сом, ***Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети*** - 2 433,7 миң сом, ***Ош курулуш колледжи*** - 844,8 миң сом, ***К. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетинин Агротехникалык колледжи*** - 312,8 миң сом, ***С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин Агрардык-техникалык-экономикалык колледжи*** - 290,4 миң сом, С.***Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин К. Мамбетакунов атындагы Педагогикалык колледжи*** - 480,0 миң сом, ***Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Майлуу-Суу колледжи*** - 47,4 миң сом, ***Кыргыз-Түрк "Манас" университети*** боюнча - 117,3 миң сом жана ***Ош айыл-чарба техникуму*** - 2 580,3 миң сом.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-июнундагы №355 токтому менен бекитилген, "Кыргыз Республикасынын жогорку жана кесиптик орто билим берүүчү билим берүү уюмдарынын мамлекеттик билим берүү гранттары жана бюджеттик орундары жөнүндө" жобонун 16-пунктуна ылайык бюджеттик негизде окуган студенттердин ар түрдүү жана жүйөсүз себептерден окуудан четтетилгендигине байланыштуу, адисти даярдоого сарпталган чыгымдардын ордун толтуруу төмөндө көрсөтүлгөн билим берүү уюмдардын студенттеринин эсебинен камсыздалсын: *Ош мамлекеттик университети* боюнча -731,1 миң сом, *Б. Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университети* - 259,3 миң сом, *Академик К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университети* - 1 165,6 миң сом, *А. Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университети* - 413,9 миң сом, *Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети* - 3 568,5 миң сом, *Ош технологиялык университети* - 3 563,6

миң сом, *К. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университети* - 1 612,8 миң сом, *Б. Турусбеков атындагы Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясы* - 6 173,3 миң сом, *К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети* - 1 575,8 миң сом, *Талас мамлекеттик университети* - 182,5 миң сом, *С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университети* - 1 445,3 миң сом, *Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети* - 2 433,7 миң сом, *Ош курулуш колледжи* - 844,8 миң сом, *К. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетинин Агротехникалык колледжи* - 312,8 миң сом, *С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин Агрардык-техникалык-экономикалык колледжи* - 290,4 миң сом, С.*Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин К. Мамбетакунов атындагы Педагогикалык колледжи* - 480,0 миң сом, *Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Майлуу-Суу колледжи* - 47,4 миң сом, *Кыргыз-Түрк "Манас" университети* боюнча - 117,3 миң сом жана *Ош айыл-чарба техникуму* - 2 580,3 миң сом.

**Аныкталды:**

Кыргыз Республикасынын "Салыктык эмес кирешелер жөнүндө" Кодексинин 101-беренесинин 2-пунктунун талаптары сакталбастан, ижара акыдан түшкөн каражаттары өз убагында толугу менен республикалык бюджеттин кирешесине **4 842,1 миң сомго** которулган эмес, анын ичинен: ***Б. Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл-аралык университетинде*** 513,0 миң сом, ***Талас мамлекеттик университетинде*** - 6,2 миң сом, ***Ош соода-экономикалык колледжинде*** - 240,0 миң сом, ***Талас агрардык-экономикалык колледжинде*** - 13,3 миң сом, ***Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинде*** - 2 144,0 миң сом (азыркы учурда соттук териштирүүдө), ***К. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетинде*** – 1 669,9 миң сом (анын ичинен 20,7 миң сом өндүрүлгөн) жана ***Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинде*** - 255,7 миң сом.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын "Салыктык эмес кирешелер жөнүндө" Кодексинин 101-беренесинин 2-пунктунун талаптарына ылайык, ижара акыдан түшкөн 4 821,4 миң сом, анын ичинен: *Б. Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл-аралык университетинде* - 513,0 миң сом, *Талас мамлекеттик университетинде* - 6,2 миң сом, *Ош соода-экономикалык колледжинде* - 240,0 миң сом, *Талас агрардык-экономикалык колледжинде* - 13,3 миң сом, *Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинде* - 2 144,0 миң сом, *К. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетинде* – 1 669,9 миң сом (анын ичинен 20,7 миң сом өндүрүлгөн) жана *Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинде* - 255,7 миң сом республикалык бюджеттин кирешесине которулсун.

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 20-ноябрындагы №788 токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын Билим берүү

жана илим министрлигинин системасынын орто жана жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын типтүү штаттарын сактабастан:

- ***Кыргыз-Өзбек Эл аралык университетинде*** 2,5 штаттык бирдик ашыкча кармалып, **402,8 миң сомго** эмгек акы жана **69,5 миң сомго** (17,25 %) Социалдык фондго камсыздандыруу төгүмдөрү чегерилген;

- ***Ош соода-экономикалык колледжинде*** - 2,5 штаттык, эмгек акыга **101,8 миң сом** жана Социалдык фондго **17,6 миң сом** (17,25 %) чегерилген;

- ***Нарын мамлекеттик университетинин Агрардык-техникалык-экономикалык колледжинде*** - 1 штаттык бирдик эмгек акыга **305,4 миң сом** чегерилген.

**Сунуштама:**

- *Б. Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университетинде, С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин Агрардык-техникалык-экономикалык колледжи жана Ош соода-экономикалык колледжинде* штаттык бирдиктердин саны Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 20-ноябрындагы №788 токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин системасынын орто жана жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын типтүү штаттарына ылайык келтирилсин;

- Ашыкча штаттык бирдиктерди кармоого жол берген кызмат адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №181 “Билим берүү системасынын педагогикалык жана айрым категориялардагы кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө” токтому менен бекитилген, 14-тиркемесин сактабастан, билим берүү уюмдарынын кызматкерлеринин айрым категорияларына тарифтик ставкасына (маянасына) эселөө коэффициенттери туура эмес колдонулуп, **4 403,3 миң сомго** ашыкча төлөмдөр жүргүзүлгөн, анын ичинен: ***Б.Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университетинде*** - 15,1 миң сом, ***Ош технологиялык университетинде*** - 1 954,3 миң сом, ***И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинде*** - 160,0 миң сом, ***С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинде*** - 110,7 миң сом, ***М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университетинде*** - 41,0 миң сом, ***Ош курулуш колледжинде*** - 536,3 миң сом, ***С. Турсунов атындагы агроэкономикалык колледжинде*** - 1 195,3 миң сом, ***Кыргыз Республикасынын Улуттук көркөм сүрөт академиясында*** - 379,9 миң сом жана ***С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин Агрардык техникалык-экономикалык колледжинде*** - 10,7 миң сом.

**Сунуштама:**

Жогорку окуу жайдын кызматкерлеринин айрым категорияларынын тарифтик ставкасына (маянасына) эселөө коэффициенти, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы

№181 “Билим берүү системасынын педагогикалык жана айрым категориялардагы кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө” токтому менен бекитилген, 14-тиркемесинде белгиленген ченемдерин сактабастан, *Б.Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университетинде* 15,1 миң сомго, *Ош технологиялык университетинде* - 1 954,3 миң сомго, *И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинде* - 160,0 миң сомго, С. Нааматов атындагы НМУ - 110,7 миң сомго, *М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университетинде* - 41,0 миң сомго, *Ош курулуш колледжинде* - 536,3 миң сомго, *С. Турсунов атындагы агроэкономикалык колледжинде* - 1195,3 миң сомго, *Кыргыз Республикасынын Улуттук көркөм сүрөт академиясында* - 379,9 миң сомго жана С. *Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин Агрардык техникалык-экономикалык колледжинде* - 10,7 миң сомго, тарифтик ставкасына (маянасына) эселөө коэффициенттерди туура эмес колдонуп, ашыкча төлөөгө жол берген тийиштүү кызмат адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 14-мартындагы №135 токтому менен бекитилген, “Коштоп иштегендердин эмгегин жөнгө салуунун өзгөчөлүктөрү жөнүндө” жобонун 6-пунктун сактабастан, кызматкерлерге коштоп аткарылган иши үчүн **3 372,6 миң сомго** ашыкча эмгек акыга төлөмдөр жүргүзүлгөн, анын ичинен: ***Б. Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университетинде*** - 323,6 миң сом, ***Б. Турусбеков атындагы Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясында*** - 333,6 миң сом, ***К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинде*** - 812,2 миң сом жана ***И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинде*** - 1 903,2 миң сом**.**

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 14-мартындагы №135 токтому менен бекитилген, “Коштоп иштегендердин эмгегин жөнгө салуунун өзгөчөлүктөрү жөнүндө” жобонун 6-пунктун сактабастан, коштоп аткарылган иши үчүн кызматкерлерге *Б. Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университетинде* - 323,6 миң сомго, *Б. Турусбеков атындагы Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясында* - 333,6 миң сомго, *К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинде* - 812,2 миң сомго жана *И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинде* - 1 903,2 миң сомго ашыкча эмгек акы төлөөгө жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду:**

***Баткен мамлекеттик көп тармактуу колледжинде*** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №181 токтому менен күчүн жоготкон Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 31-майындагы №270 токтому менен бекитилген, “Билим берүү уюмдарынын кызматкерлеринин эмгек акысын эсептөөнүн тартиби жөнүндө”

нускаманын негизинде эмгек акы чегерилип келген. Натыйжада, 2022-жылдын апрель айынан декабрь айына карата окуу жайдын педагогикалык кызматкерлерине атайын эсептин каражаттарынан эмгек акы **3 285,3 миң сомго** аз төлөнгөн. 2022-жылга эмгек акы боюнча чыгымдардын сметасы да Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 31-майындагы №270 токтому менен бекитилген нускаманын негизинде эсептелген.

**Сунуштама:**

*Баткен мамлекеттик көп тармактуу колледжинде* 2022-жылдын апрель-декабрь айларында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №181 токтому менен күчүн жоготкон Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 31-майындагы №270 токтому менен бекитилген, "Билим берүү уюмдарынын кызматкерлеринин эмгек акысын эсептөөнүн тартиби жөнүндө" нускаманын негизинде, атайын эсептин каражаттарынан педагогикалык кызматкерлерге 3 285,3 миң сомго эмгек акысын аз төлөп берген кызмат адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду:**

Бишкек шаарынын Биринчи май райондук сотунун 2020-жылдын 11-августундагы № ГД-1456/20 жана 2022-жылдын 28-январындагы №ГД-301/22 чечимдеринин негизинде, ***К. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетине караштуу С. Ибрагимов атындагы агротехникалык колледжинин*** кызматкери А. Осмонованын мыйзамсыз иштен бошотулгандыгына байланыштуу, аргасыз токтотулуп иштебеген мезгил үчүн 282,8 миң сом төлөнгөн, анын ичинен **34,6 миң сом** ашыкча которулгандыгы аныкталган.

**Сунуштама:**

*К.И. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетине караштуу С. Ибрагимов атындагы агротехникалык колледжинде* Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 26-беренесинин 4-пунктуна ылайык, зыяндын ордун толтурган мамлекеттик орган укукка сыйбаган аракеттерди түздөн-түз жасаган кызматчыга, атап айтканда, А. Осмонованы жумуштан бошотуу жөнүндө чечим кабыл алган кызматчыга кайтарма талаптарды (регресс) 248,2 миң сомго коюу жагы каралсын жана ашыкча которулган 34,6 миң сом ордуна коюлсун.

**Аныкталды жана корутунду:**

***С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинде*** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2005-жылдын 27-июнундагы №261 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүүчү уюмдарынын студенттерине жана окуучуларына стипендиялардын өлчөмдөрүн белгилөө жөнүндө" токтомуна ылайык, 2022-жылдын июнунан баштап стипендиялардын өлчөмдөрүнө киргизилген өзгөртүүлөргө жараша эсептөөлөр жүргүзүлбөстөн, 2-4-курста окуган 29 студентке стипендия **189,6 миң сомго** кем эсептелип, төлөнгөн.

***К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинде*** 2022-жылы сессияны ийгиликтүү тапшыргандыгы үчүн 100 студенттин чегерилген стипендиясынан негизсиз **15,8 миң сом** профсоюздук төгүмдөру кармалып, университеттин профсоюз комитетине которулган.

**Сунуштама:**

- *С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинде* Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2005-жылдын 27-июнундагы №261 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүүчү уюмдарынын студенттерине жана окуучуларына стипендиялардын өлчөмдөрүн белгилөө жөнүндө" токтомуна ылайык, 29 студентке кем эсептелинген 189,6 миң сомго стипендиясын төлөп берүү жагы каралсын;

- *К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинде* 2022-жылы 100 студенттин чегерилген стипендиясынан негизсиз 15,8 миң сом университеттин профсоюздук комитетине которуп берген кызмат адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду:**

Командировкалык чыгымдарга түзүлгөн авансалык отчетторго жүргүзүлгөн аудитте, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 "Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө" токтомун сактабастан, **442,6 миң сом** ашыкча командировкалык чыгымдары төлөнгөн, анын ичинен: 46,5 миң сом тиешелүү кызматкерлерден өндүрүлүп, өндүрүлбөгөнү 396,1 миң сомду түзгөн, анын ичинен: ***Ош мамлекеттик университетинде*** - 29,0 миң сом, ***Ош технологиялык университетинде*** - 309,3 миң сом, ***Ош мамлекеттик педагогикалык университетинде*** - 10,6 миң сом, ***Баткен мамлекеттик университетинде*** - 25,0 миң сом, ***Ош курулуш колледжинде*** - 19,5 миң сом жана ***Ош айыл-чарба техникумунда*** - 2,7 миң сом.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 "Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө" токтому так аткарылып, ашыкча төлөнгөн командировкалык чыгымдар *Ош мамлекеттик университетинде* - 29,0 миң сом, *Ош технологиялык университетинде* - 309,3 миң сом, *Ош мамлекеттик педагогикалык университетинде* - 10,6 миң сом, *Баткен мамлекеттик университетинде* - 25,0 миң сом, *Ош курулуш колледжинде* - 19,5 миң сом жана *Ош айыл-чарба техникумунда* - 2,7 миң сом тийиштүү кызматкерлерден өндүрүлүп, республикалык бюджетке ордуна коюлсун.

**Аныкталды жана корутунду:**

***Ош мамлекеттик университетинде*** студенттердин жатаканасында жана окуу корпустарында электр энергиясын эсептегич приборлору

орнотулбагандыгы үчүн, “Ош электр” ААКсы тарабынан 2022-жылы жалпысынан **1 389,8 миң сомго** айыптар салынып, төлөнүп берилген.

**Сунуштама:**

*Ош мамлекеттик университетинде* жатакана жана окуу корпустарында электр энергиясынын эсептегич приборлорун өз убагында орнотууга иш алып барбаган, жыйынтыгында, “Ош электр” ААКсы тарабынан салынган 1 389,8 миң сомго айыптарды төлөөгө жол берген кызмат адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду:**

Оңдоо-монтаждоо боюнча аткарылган иштерге түзүлгөн актылардын негизинде 19 объектте аудит жүргүзүлгөн. 2022-жылы оңдоо иштерине, эскирген жабдууларды модернизациялоодо, жаңы объекттерди куруу же иштеп жаткан объектилерди реконструкциялоодо негизги иштерге дефекттик актылары түзүлгөн эмес. 19 объектте жалпысынан аткарылган иштеринде **6 324,9 миң сом** ашыкча көлөмүн жогорулатуу жана кемчиликтер аныкталган, анын ичинен: ***Ош мамлекеттик университетинде*** **-** 4 664,7 миң сом, ***С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинде*** - 278,8 миң сом, ***Ош технологиялык университетинде*** - *201,5 миң сом,* ***Кыргыз-Өзбек университетинде*** - 1 007,0 миң сом, ***И. Арабаев атындагы мамлекеттик университетинде*** - 100,7 миң сом жана ***Кара-Балта техникалык-экономикалык колледжинде*** - 72,2 миң сом.

**Сунуштама:**

Мындан ары, оңдоо иштерине, эскирген жабдууларды модернизациялоодо, жаңы объекттерди куруу же иштеп жаткан объектилерди реконструкциялоодо дефекттик актылар түзүлсүн. Аткарылган оңдоо-куроо боюнча иштердин 6 324,9 миң сомго көлөмүн жогорулатуу жана кетирилген кемчиликтер, анын ичинен: *Ош мамлекеттик университетинде* - 4 664,7 миң сом (анын ичинен Ош мамлекеттик университетинин эсебине - 4 137,4 миң сом, Кыргыз Республикасынын Салык кызматына - 527,3 миң сом*), С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинде* - 278,8 миң сом, *Ош технологиялык университетинде* - 201,5 миң сом, *Б. Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек достук университетинде* - 1 007,0 миң сом, *И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинде* - 100,7 миң сом жана *Кара-Балта техникалык-экономикалык колледжинде* - 72,2 миң сом подрядчылардын эсебинен ордуна коюлсун.

**Аныкталды жана корутунду:**

2022-жылдын 31-декабрына карата контракттык негизде окуган жана окуудан четтетилген студенттердин дебитордук карызы **8 964,2 миң сомду** түзгөн, анын ичинен: ***Ош мамлекеттик университетинде*** - 2 265,5 миң сом, ***Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинде*** - 3 107,5 миң сом, ***К. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетинде*** - 1 386,8 миң сом, ***Ысык-Көл индустриялык-педагогикалык колледжинде*** - 2 039,5 миң сом, ***Баткен мамлекеттик университетинде*** -115,0 миң сом

(калыбына келтирилген) жана ***Кыргыз Республикасынын Улуттук көркөм сүрөт академиясында*** - 49,9 миң сом.

Ошондой эле, ***Ош мамлекеттик университетинин*** №6 студенттердин жатаканасында мугалимдер жана университетте иштебеген жарандар жашап жатышкандыгы жана алар тараптан ижара жана коммуналдык чыгымдар төлөнбөй келгендиги аныкталган. 2022-жылдын 31-декабрына жашоочулардын ижара акыдан жана коммуналдык чыгымдардан карызы **4 019,2 миң сомду** түзгөн.

***Баткен мамлекеттик университетинде*** командировкалык чыгымдары боюнча **664,5 миң сомдук** дебитордук карыз бухгалтердик эсепке алынбагандыгы аныкталган. Аудит учурунда бухгалтердик эсепте дебитордук карыз калыбына келтирилген.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук сүрөт академиясына караштуу көркөм сүрөт колледжинде*** 2022-жылы салык кызматы менен болгон салыштыруу актысында **158,0 миң сомдук** дебитордук карыз көрсөтүлгөн эмес.

**Сунуштама:**

- *Ош мамлекеттик университетинде, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинде, К. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетинде, Ысык-Көл индустриялык-педагогикалык колледжинде* жана *Кыргыз Республикасынын Улуттук көркөм сүрөт академиясында* контракттык негизде окуган жана окуудан четтетилген студенттердин дебитордук карызын пайда болушун студенттер менен түзүлгөн контрактын негизинде талдап чыгып, өз убагында контракттык төлөмдөрдү төгүү боюнча чараларды көрбөгөн кызмат адамдардын жоопкерчилиги каралсын жана мындан ары контракттык окуулар боюнча карыздардын пайда болушуна контролдоо күчөтүлсүн;

- *Ош мамлекеттик университетининин* №6 жатаканасында жашагандардын ижара акыдан жана коммуналдык чыгымдардан өндүрүлбөй калган 4 019,2 миң сом жашоочулардан өндүрүлүп, жатаканада үйгө муктаж болгон студенттер жайгаштырылып, жатакананын өз максатында пайдаланышы камсыздалсын;

- *Баткен мамлекеттик университетинде* 664,5 миң сомдук командировкалык чыгымдар боюнча дебитордук карыз аванстык отчеттордун негизинде такталып, такталбаган карыздар тийиштүү кызмат адамдардан өндүрүлсүн;

-*Кыргыз Республикасынын Улуттук сүрөт академиясына караштуу Көркөм сүрөт колледжинде* салык кызматы менен бирдикте 158,0 миң сомго дебитордук карыз такталып, тийиштүү оңдоп-түзөөлөр жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду:**

***Ош мамлекеттик технологиялык университетинде*** Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин 2015-жылдын 30-декабрындагы №366 буйругу менен бекитилген, Автомобиль транспортунда отунду жана майлоочу майларды чыгымдоонун линиялык

ченемдерин колдонуу жана аларды эсептөө ыкмасынын эрежелерин сактабастан, күйүүчү-майлоочу материалдарды эсептен чыгарууда линиялык ченемден **191,4 миң сомго** ашыкча эсептен чыгарылган жана дефектик актылары жок туруп, **179,4 миң сомго** автомашиналарга оңдоо иштери жүргүзүлгөн.

**Сунуштама:**

*Ош мамлекеттик технологиялык университетинде* Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин 2015-жылдын 30-декабрындагы №366 буйругу менен бекитилген, Автомобиль транспортунда отунду жана майлоочу майларды чыгымдоонун линиялык ченемдерин колдонуу жана аларды эсептөө ыкмасынын эрежелерин сактабастан, күйүүчү-майлоочу материалдарды эсептен чыгарууда линиялык ченемден 191,4 миң сомго ашыкча эсептен чыгарууга жана дефектик актылары жок туруп, 179,4 миң сомго автомашиналарга оңдоо иштерин жүргүзүүгө жол берген кызмат адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду:**

Товардык-материалдык баалуулуктарга жүргүзүлгөн инвентаризациянын жыйынтыгы боюнча **123,5 миң сомго** жетишпестиктер аныкталган, анын ичинен О***ш технологиялык университетинде*** - 8,0 миң сомго жана ***С. Турсунов атындагы Бишкек агро-экономикалык колледжинде*** - **115,5 миң сомго**.

**Сунуштама:**

*Ош технологиялык университетинде жана С. Турсунов атындагы Бишкек агро-экономикалык колледжинде* инвентаризациянын жыйынтыгы менен аныкталган 8,0 миң сомдук жана 115,5 миң сомдук товардык-материалдык баалуулуктардын жетишпестиктери жоопту жактардын эсебинен ордуна коюлсун.

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген, “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” нускаманын талаптарына ылайык келбестен, 2022-жылдын жыйынтыгы менен ***К. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетине караштуу С. Ибрагимов атындагы агротехникалык колледжинде*** - 305,5 миң сомго, ***И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинде*** - *54,9* миң сомго жана ***Б. Турусбеков атындагы Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясында*** - 30,5 миң сомго товардык-материалдык баалуулуктардын ашыкча запастарын эсепке алуу жүргүзүлгөн эмес.

**Сунуштама:**

- 2022-жылдын жыйынтыгы боюнча товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастары *К. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетине караштуу С. Ибрагимов*

*атындагы агротехникалык колледжинде* 305,5 миң сомго, *И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинде - 54,9* миң сомго жана *Б. Турусбеков атындагы Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясында* - 30,5 миң сомго пайда болушунун себептерине талдоо жүргүзүлсүн. Жылдын аягында товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашыкча запастарынын пайда болушуна жол берилбесин;

- *Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине*:

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3 ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген, “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” нускамага ылайык, 2024-жылы *К. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетине караштуу С. Ибрагимов атындагы агротехникалык колледжин, И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетин* жана *Б. Турусбеков атындагы Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясын* каржылоодо 2022-жылдын аягына карата товардык-материалдык баалуулуктардын 305,5 миң сомго, 54,9 миң сомго жана 30,5 миң сомго ашыкча запастарын, аларды 2023-жылы өздөштүрүүсүн эске алуу менен эсепке алынсын.

**Аныкталды жана корутунду:**

***Ысык-Көл индустриялык-педагогикалык колледжинде*** 2023-жылдын 31-декабрына карата “Имарат жана курулмалардын” баланстык баасы 4 479,9 миң сомду түзгөн.

Ал эми, 2022-жылдагы кабыл алынган 30 426,7 миң сомдук курулуш-куроо иштери, шаймандар жана жабдуулар, 1 767,4 миң сомго жасалган жашылдандыруулар, 2 555,2 миң сомго капиталдык оңдоодон өткөн спорт зал 2023-жылдын 31-декабрына түзүлгөн баланста көрсөтүлбөй калган.

2024-жылдын 1-мартында инвентаризациянын жыйынтыгы менен 34 749,3 миң сомдук курулуш иштери кайрадан Ысык-Көл индустриялык-педагогикалык колледжинин балансына кабыл алынган.

**Аныкталды:**

***Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Жаңы-Акман айылындагы окуу-өндүрүштүк чарбасында*** аудит камтыган мезгилге чейин 28 баш жылкы болгон. Жогоруда аталган жылкыларды 2022-жылы (актыда датасы жок) киреше алып келбегендигин жана жоготуу коркунучу чоң экендигин жүйөө келтирүү менен, комиссия аркылуу 1 008,0 миң сомго сатылган. Ошол эле күнү 1 008,0 миң сомго 111 баш кой сатылып алынгандыгы көрсөтүлгөн. Бирок университеттин балансына мал-жандыктар алынбаганы аныкталган. Аудиттин жүрүшүндө сатылып алынган койлордун жана андан бери төл алынып койлордун саны көбөйгөндүгүнө байланыштуу, 220 мал-жандык бар экендиги саналып аныкталган. Орточо базар баасын аныктоо максатында, Базар-Коргон мал базарынан 2024-жылдын 14-январында тактама алынып, аудит жүргүзүлүп жаткан убакытка 220 мал-

жандыктардын орточо базар баасы комиссия тарабынан 2 540,0 миң сомго бааланып бухгалтердик эсепке кириштелген.

Аудит тарабынан эсеп-кысаптын жоктугунан, малдын чыныгы саны канча болушун аныктоодо тобокелчиликтер бардыгы белгиленет.

**Сунуштама:**

*Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Жаңы-Акман айылындагы окуу-өндүрүштүк чарбасында* 1 008,0 миң сомго 111 мал-жандыктарды 2022-жылы кириштебеген жана тийиштүү эсеп-кысабын жүргүзбөгөн чарбанын жетекчисинин жана жооптуу кызмат адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 47-беренесинин 29-пунктун сактабастан, келишимдер боюнча аткаруу жана жеткирүү мөөнөтүнөн кечиктирилгендиги үчүн, берүүчүлөрдүн эсебинен үстөктөр жана айып пул санкциялары кармалып, ***Б. Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университетинде*** **336,3 миң сомго** жана ***Ош технологиялык университетинде*** **88,0 миң сомго** университеттердин депозиттик эсебинен атайын эсебине которулгандыгы аныкталган.

Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын 29-беренсинин 2-пунктун сактабастан, ***И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинде*** жана ***Ош курулуш колледжнинде*** 27,5 миң сомдук жана 97,0 миң сомдук сатып алууларда, жеңүүчүлөр менен контракттар көрсөтүлгөн мөөнөттөрдү бузуу менен кол коюлган.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 47-беренесинин 29-пунктуна ылайык, *Б. Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университетинде* 336,3 миң сомго жана О*ш технологиялык университетинде* 88,0 миң сомго кармалган айыптар республикалык бюджеттин кирешесине которулсун.

**Аныкталды жана корутунду:**

***Баткен мамлекеттик университетинде*** 2022-жылга бюджеттик чыгымдардын сметасын аткаруу жөнүндө отчету (Форма №2) боюнча “Көмүр отуну жана башка отундарды пайдалануу” беренесинде иш жүзүндөгү чыгымдар 1 350,0 миң сомго көрсөтүлгөн, ал эми баштапкы бухгалтердик документтер боюнча иш жүзүндөгү чыгымдар 2 686,4 миң сом экендиги аныкталган. Башкача айтканда, отчеттук маалыматтар менен баштапкы бухгалтердик документтердеги айырмачылыктар 1 336,4 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

*Баткен мамлекеттик университетинде* көмүр отуну жана башка отундар чыгымдары боюнча 2022-жылга бюджеттик чыгымдардын сметасын аткаруу жөнүндө отчет менен баштапкы бухгалтердик документтердин ортосундагы иш жүзүндөгү айырмачылыктар такталып, тийиштүү оңдоп-түзөөлөр жүргүзүлсүн.

***Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин “Санат” ден соолукту чыңдоо борбору” мамлекеттик мекемеси боюнча***

**Аныкталды жана корутунду:**

***Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин “Санат” ден соолукту чыңдоо борбору” мамлекеттик мекемесинде*** “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө” Мыйзамынын 2-пунктун сактабастан, кызматкерлердин эмгек акы фондусунан **157,9 миң сом (17,25 %)** камсыздандыруу төгүмдөрү эсептелген эмес, анын ичинен: 2021-жылы 43,4 миң сом, 2022-жылы 114,5 миң сом.

**Сунуштама:**

*Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин “Санат” ден соолукту чыңдоо борбору” мамлекеттик мекемесинде* “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө” Мыйзамынын 2-пунктуна ылайык, 2021-2022-жылдардын эмгек акы фондусунан 157,9 миң сомго (17,25 %) камсыздандыруу төгүмдөрү эсептелип, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджетине которуп берүү жагы каралсын.

**Аныкталды жана корутунду:**

***“Санат” ден соолукту чыңдоо борборунун*** мүдүрүнүн 2023-жылдын 1-августундагы №19-о буйругунун негизинде жүргүзүлгөн инвентаризациянын жыйынтыгында жалпы **1 845,7 миң сомго** товардык-материалдык баалуулуктардын жетишпестиги аныкталган. Жетишпестик Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин карамагындагы башка эсалуу жайына берилип кеткендигинен келип чыккан. (2024-жылдын 18 жана 22-апрелиндеги өткөрүп берүү документтери менен кайра кайтарылган).

**Аныкталды жана корутунду:**

Аудит камтыган мезгил аралыгында “Санат” ден соолукту чыңдоо борборунун эс алуучуларды жайгаштыруучу корпустарына (имараттарына) 14 305,4 миң сомго амортизация эсептелген эмес.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобого ылайык, негизги фонддордун эсебин жүргүзүү боюнча талаптары так аткарылсын.

***Мамлекеттик инвестициялык долбоорлор боюнча***

**“Секторду өнүктүрүү программалары: “Инклюзивдүү өсүү үчүн көндүмдөр” долбоорунун аткарылышы**

Кыргыз Республикасы менен Эл аралык өнүктүрүү ассоциациясынын ортосунда “Инклюзивдүү өсүү үчүн көндүмдөр” долбоору боюнча каржылоо жөнүндө макулдашууга ылайык, долбоорду ишке ашырууга жалпысы 18 000

миң АКШ долларлык грант каралган. 2018-жылдан баштап 2022-жылдын аягына чейин жалпысынан 10 784,0 миң АКШ доллары (59%) өздөштүрүлгөн. 2022-жылы 3 678,8 миң АКШ доллары (20%) өздөштүрүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн эсебинен 3 600,0 миң АКШ доллары өлчөмүндө утурлама каржылоо каралса, 2018-жылдан баштап 2022-жылдын аягына чейин жалпысынан 1 197,0 миң АКШ доллары (33%) каржыланган. 2022-жылы 543,9 миң АКШ доллары (15%) каржыланган.

**Аныкталды жана корутунду:**

Жалпысынан алганда 8 пилоттук колледж 204 334,3 миң сомго жабдуулар менен камсыздалсын, анын ичинен окутуу-өндүрүштүк комплекстерине 98 596,5 миң сомго жабдуулар берилген. Жабдууларды колдонуу боюнча 923,0 миң сомго окуулар өткөрүлгөн. 8 пилоттук колледждерде 277 481,9 миң сомго, анын ичинен окутуу өндүрүштүк комплекстеринде 41 544,4 миң сомго курулуш иштери жасалган. 8 пилоттук колледждердин окуу-өндүрүштүк комплекстери толук кандуу киреше алууга 2024-жылдан баштап даяр болгон.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 8 пилоттук колледждеринин окуу-өндүрүштүк комплекстерине бекитип берген уставдын үлгүсүнүн 2.2, 2.3 жана 3.1- пункттарынын талаптары боюнча окуу-өндүрүштүк комплекстеринин бирден бир максаттары болуп, билим берүү жана өндүрүштүк киреше алып келүүчү иш-чараларды уюштуруу, билим берүү уюмунун материалдык-техникалык базасын алуу үчүн, кирешелерди пайдалануу менен окуу-өндүрүштүк комплекстин уюштуруучусунун адистерин даярдоого ылайык багыттагы өндүрүштүк ишмердүүлүк, көрсөтүлүүчү билим берүү кызматтары үчүн төлөмдөрдү өз алдынча белгилери жана алынаары каралган.

Билим берүү жана илим министрлиги окуу-өндүрүштүк комплекстеринен киреше алып келүү мекеме катарында кымбат баалуу заманбап жабдуулар менен камсыз болушса да, тилекке каршы, окуу-өндүрүштүк комплекстери киреше алып келүүчү ишканалар катары иштебегендиги белгиленет.

**Сунуштама:**

8 пилоттук колледждердин окуу-өндүрүштүк комплекстеринин өндүрүштүк иштери уставында көрсөтүлгөн максаты жана милдеттерине ылайык жүргүзүүлөрү күчөтүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду:**

2021-жылдын 27-октябрында жабдуулар үчүн “AT Empire” ЖЧКсына которулган 21 267,0 миң сом, 2022-жылдын 29-сентябрында жабдуулар үчүн “Aman-Road” ЖЧКсына которулган 4 881,7 миң сом, 2021-жылдын 11-ноябрында эмеректер үчүн “Азат мебель” ЖЧКсына которулган 1 116,1 миң сом, кошумча салык үчүн “Азат мебель” ЖЧКсына - 133,9 миң сом, же бардыгы болуп 27 398,7 мин сомдук дебитордук карыздар жана “БАБЭГ” ЖЧКсынын 187,1 миң сомдук кредитордук карызы бухгалтердик баланстын 6-тиркемесине көрсөтүлгөн эмес.

**Сунуштама:**

Мындан ары дебитордук жана кредитордук карыздар *“Секторду өнүктүрүү программалары: “Инклюзивдүү өсүү үчүн көндүмдөр”* долбоорунун Эсеп саясаты боюнча бухгалтердик баланстын тиркемелерине өз убагында так көрсөтүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду:**

2022-жылдын 25-июлунда Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги жана “Азат” ЖЧКсынын ортосунда контракт түзүлүп, анда “Азат” ЖЧКсы тарабынан Бишкек шаарындагы Архитектура жана башкаруу колледжинин имаратында 4 222,6 миң сомдук кошумча курулуш жумуштарын жасоо каралган.

“Азат” ЖЧКсы тарабынан 1 175,3 миң сомго иштер аткарылган. 2022-жылдын 20-сентябрында “Азат” ЖЧКсы тарабынан келишимди аягына чыгарууга финансылык каражаттын жоктугуна байланыштуу, келишимди бузууну демилгелеген кат келип түшкөн. 2022-жылдын 3-октябрында контракты бузуу боюнча протокол түзүлүп, анда “Азат” ЖЧКсын өнүктүрүү банкынын байланыш аткаруучуларынын кара тизмесине киргизилери каралган.

Бишкек шаарындагы Архитектура жана башкаруу колледжинин имаратында курулуш иштердин бүтпөгөндүгүнө байланыштуу, колледжге алынып келинген кымбат баалуу 300,0 миң АКШ доллардан ашкан жабдууларды орнотуу аргасыз кечиктирилген.

**Сунуштама:**

*Бишкек шаарындагы Архитектура жана башкаруу колледжинин* имаратында курулуш иштерин бүтүрүү жана “Инклюзивдүү өсүү үчүн көндүмдөр” долбоорунун алкагында алынган жабдууларды орнотуу боюнча иш чаралар көрүлсүн.

**“Келечек үчүн билим берүү” долбоорунун аткарылышы**

Кыргыз Республикасы менен Эл аралык өнүктүрүү ассоциациясынын ортосунда “Келечек үчүн билим берүү” долбоору боюнча каржылоо жөнүндө макулдашууга ылайык, долбоорду ишке ашырууга жалпысы 50 000,0 миң АКШ доллар каралган, анын ичинде: кредит - 25 000,0 миң АКШ долларын, грант - 25 000,0 миң АКШ долларын түзгөн.

Долбоордун максаты - мектепке чейинки билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу жана билим берүүнүн сапатын жогорулатуу. Долбоор эки компоненттен, негизги жана ишке ашырууну колдоо компонентинен турат.

Жалпысы 2022-жыл ичи 15 783,4 миң АКШ доллары же 1 308 142,3 миң сом өздөштүрүлгөн анын ичинде:

“Технология аркылуу окутууну колдоо” компонентчесин ишке ашыруу алкагында 1200 мектептин жана 8 педагогикалык колледждин электрондук китепканасын жабдуу үчүн жалпысынан 25 368 компьютер, 7 208 проектор,

1208 ИБП, 1208 принтер, 2 408 коммутатор (хаб), 18 168 даана отургуч жана 18 168 даана компьютер үчүн үстөл сатып берилген.

**Аныкталды жана корутунду:**

Тандалып алынган 1200 мектептин ар бир мектеби үчүн, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2023-жылдын 26-июнундагы №4483/1 буйругу менен бекитилген, “Электрондук китепкананы түзүү жана электрондук китепканада компьютердик техниканы колдонуу боюнча” колдонмого ылайык, мектептин электрондук китепканасына төмөнкү жабдууларды орнотуу каралган: 16-компьютер 15-эмерек, 1-проектор, 1-көп функционалдуу принтер,1-коммутатор, 1-үзгүлтүксүз электр булагы (UPS) жана физика, математика, химия, биология, география класстарына 1-компьютер жана 1-проектор.

Бирок, иш жүзүндө “Келечек үчүн билим берүү” долбоорунун “Технология аркылуу окутууну колдоо” компонентчеси негизги максатына жеткен эмес, анткени, “Электрондук китепканага” тиешелүү платформалар толук кандуу иштелип чыккан эмес. Ошондуктан, долбоорго катышкан Бишкек шаарынын мектептеринде, сатылып алынган техникалар, эмеректер максатсыз пайдаланууда. Акча каражаттын жоктугунан, проекторлордун бири дагы орнотулган эмес, ал эми компьютерлерди жана принтерлерди мугалимдер же директорлор колдонуп келишет.

**Сунуштама:**

Дүйнөлүк банктын долбоорлорун ишке ашыруу жана координациялоо бөлүмү тарабынан, “Келечек үчүн билим берүү” долбоорунун “Технология аркылуу окутууну колдоо” компонентчесинин негизги максатына жетүү үчүн, “Электрондук китепканага” тиешелүү платформаларын иштеп чыгуу тездетилсин. Мектептер тарабынан сатылып алынган техникаларды, эмеректерди долбоордун максатына ылайык пайдалануу камсыз кылынсын.

**Аудитор** **У.А. Жумагулов**